# КОШТООЧУ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 4410 (КАЙРА КАРАЛГАН)

## КОМПИЛЯЦИЯ БОЮНЧА ТАПШЫРМА

(2013-жылдын 1-июлундагы же ушул күндөн кийинки финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырмаларды аткаруу жөнүндө отчетторго карата күчүнө кирет)

## МАЗМУНУ


Пункт

Киришүү

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү ........ 5–10

Компиляция боюнча тапшырма ........ 1–4

Ушул ККЭСти колдонуу чөйрөсү ........ 11–14

Күчүнө кирүү күнү ........ 15

**Максаттары** ........ 16

**Аныктамалар** ........ 17

**Талаптар**

Ушул стандартка ылайык компиляция боюнча тапшырманы аткаруу ........ 18–20

Этикалык талаптар ........ 21

Кесипкөй ой жүгүртүү ........ 22

Тапшырманын деңгээлинде сапатты контролдоо ........ 23

Тапшырманы кабыл алуу жана улантуу ........ 24–26

Жетекчилик жана корпоративдик башкарууга жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү ........ 27

Тапшырманы аткаруу ........ 28–37

Документация ........ 38

Практикалык адистин отчету ........ 39–41

**Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар**

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү ........ A1–A11

Компиляция боюнча тапшырма ........ A12–A18

Этикалык талаптар ........ A19–A26

Кесипкөй ой жүгүртүү ........ A27–A29

Тапшырманын деңгээлинде сапатты контролдоо ........ A30–A32

Тапшырманы кабыл алуу жана улантуу ........ A33–A45

Жетекчилик жана корпоративдик башкарууга жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү ........ A46–A47

Тапшырманы аткаруу ........ A48–A58

Документация ........ A59–A61

Практикалык адистин отчету ........ A62–A69

1-тиркеме: Компиляция боюнча тапшырманын шарттарын сүрөттөгөн тапшырма боюнча каттын мисалы

2-тиркеме: Компиляция боюнча тапшырмалар жөнүндө практикалык адистин отчетторунун мисалдары

Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты (ККЭС) 4410 (кайра каралган) «*Компиляция боюнча тапшырманы*» «*Сапатты контролдоонун, аудиттин, обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагынын баш сөзү*» менен бирге кароо керек.

## Киришүү

**Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү**

1. Ушул Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты (ККЭС) алынган маалымат боюнча ишенимди камсыз кылбастан жетекчиликке өткөн мезгилдердин финансылык маалыматын даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүү үчүн, ошондой эле ушул ККЭСке ылайык аткарылган тапшырма жөнүндө маалыматтарды отчеттуулукта чагылдыруу үчүн тартылган практикалык адистин милдеттерин белгилейт (А1-А2-пункттарын караңыз).
2. Ушул стандарт өткөн мезгилдердин финансылык маалыматын компиляциялоо боюнча тапшырмаларга колдонулат. Бул стандарт, тийиштүү адаптацияны эске алуу менен, өткөн мезгилдердин финансылык маалыматына кирбеген финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырмаларга, ошондой эле финансылык эмес маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырмаларга колдонулушу мүмкүн. Андан кийин ушул ККЭСте "финансылык маалымат" болуп "өткөн мезгилдердин финансылык маалыматы" аталат (А3-А4-пункттарын караңыз).
3. Эгер практикалык адис жетекчиликке финансылык маалыматты даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүү боюнча суроо-талапты алса, анда бул тапшырма ушул ККЭСке ылайык аткарылууга тийишпи, маселени тийиштүү кароо талап кылынышы мүмкүн. Ушул стандартты колдонуунун максаттуулугун, анын ичинен ушул ККЭСтин негизинде отчеттуулукту даярдоону көрсөткөн факторлордун катарына төмөнкүдөй маселелер кирет:
   - финансылык маалыматты ачып көрсөтүү колдонулуп жаткан мыйзамдардын же ченемдик актылардын жоболорунда каралганбы жана ал ачык колдонуу үчүн жайгаштырылууга тийишпи; жана
   - финансылык маалыматты болжолдонгон пайдалануучулардан тышкары, тышкы тараптар практикалык адисти финансылык отчеттуулук менен байланышы мүмкүн жана практикалык адистин ушундай маалыматты даярдоого катышуу баскычы туура эмес кабыл алынышы мүмкүн тобокелдиги бар:
     - эгер финансылык маалымат, жетекчиликтен же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан тышкары, тараптардын колдонуусу үчүн багытталса же тараптардын пайдасына берилиши же анын болжолдонгон пайдалануучулары болуп саналбаган тараптар тарабынан алынышы мүмкүн болсо;
     - эгер практикалык адистин аты финансылык маалымат менен байланышса (А5-пунктун караңыз).

*СКЭС 1[1] менен өз ара байланыш*

4. Аудитордук уюмдун милдеттерине сапатты контролдоо, саясат жана жол-жоболор системасын иштеп чыгуу жана киргизүү кирет. СКЭС 1ди[2] колдонуу компиляция боюнча тапшырмаларга карата кесипкөй бухгалтерлердин уюмдарына жайылтылат. Компиляция боюнча айрым тапшырмалардын деңгээлинде сапатты контролдоого тиешелүү ушул ККЭСтин жоболору аудитордук уюмдун СКЭС 1дин талаптарын же андан кем эмес катуу башка талаптарды сактоого милдеттүүлүгүнө карата иштелип чыккан (А6-А11-пункттарын караңыз).

**Компиляция боюнча тапшырма**

5. Жетекчилик практикалык кесипкөй бухгалтерге ишкананын финансылык маалыматын даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүү үчүн суроо-талап жибериши мүмкүн. Финансылык маалыматтын пайдалануучулары үчүн ушул ККЭСке ылайык компиляция боюнча тапшырманы аткаруунун баалуулугу кесиптик стандарттарды, анын ичинен тийиштүү этикалык талаптарды сактоону эске алуу менен бухгалтердик эсеп жүргүзүү жана финансылык отчеттуулукту берүү жаатында практикалык адистин кесиптик билимин, тажрыйбасын жана жөндөмдөрүн колдонуу, ошондой эле практикалык адистин компиляцияланган финансылык маалыматты даярдоого катышуу мүнөзү жана

---

[1] Сапатты контролдоонун эл аралык стандарты (СКЭС) 1 "*Финансылык отчеттуулуктун аудитин жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмаларды аткаруучу аудитордук уюмдардагы сапатты контролдоо"*

[2] СКЭС 1, 4-пункт.

көлөмү жөнүндө тийиштүү жактарга так маалымдоо менен шартталган (A12-A15-пункттарын караңыз).

6. Компиляция боюнча тапшырма ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыктан, мындай тапшырма практикалык адистен компиляциянын максаттары үчүн жетекчилик тарабынан берилүүчү маалыматтын тактыгын же бүтүндүгүн тастыктоону же аудитордук пикирди билдирүү же финансылык маалыматты даярдоого карата обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча тыянак түзүү үчүн далилдерди башка топтоону талап кылбайт.

7. Жетекчилик финансылык маалымат жана баштапкы маалыматтар үчүн жоопкерчилик тартууну улантат, баштапкы маалыматтардын негизинде финансылык маалымат даярдалган жана берилген. Мындай жоопкерчилик жетекчилик тарабынан финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн зарыл ой жүгүртүүнү колдонууну, анын ичинен эсеп саясатынын тийиштүү принциптерин тандоону жана колдонууну, ошондой эле (зарылдыгына карата) негизделген баалоо белгилерин эсептөөнү болжолдойт (A12-A13-пункттарын караңыз).

8. Ушул ККЭС жетекчиликтин же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын милдеттерин аныктабайт жана алардын милдеттерин регламенттеген мыйзамдарга жана ченемдик актыларга караганда приоритеттүү эмес. Ушул стандартка ылайык аткарылуучу тапшырма жетекчилик же, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар компиляция боюнча тапшырманы аткаруу үчүн негиз салуучу болуп саналган белгилүү бир милдеттерди макулдашууга жол берилгенде жүргүзүлөт (A12-A13-пункттарын караңыз).

9. Компиляция боюнча тапшырма аткарылуучу финансылык маалымат түрдүү максаттар үчүн талап кылынышы мүмкүн, анын ичинен:

(a) мыйзамда же ченемдик актыда белгиленүүчү, милдеттүү финансылык отчеттуулукту дайыма берүү боюнча талаптарды аткаруу үчүн; же

(b) мыйзамдын же ченемдик актынын тийиштүү жоболорунун негизинде милдеттүү финансылык отчеттуулукту берүүгө байланышпаган максаттар үчүн, мисалы:

- жетекчилик же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар үчүн – алардын конкреттүү максаттарына жооп берген маалыматтын негизинде даярдалган отчеттуулук (мисалы кызматтык колдонуу үчүн финансылык отчеттуулукту даярдоодо);
- макулдашуунун же келишим түзүүнүн башка формасынын негизинде тышкы пайдалануучулар үчүн түзүлгөн мезгилдик финансылык отчеттуулукка карата (мисалы дотацияларды же гранттарды берүүнүн же берүүнү улантуунун негиздүүлүгүн ырастоо үчүн каржылоочу органга берилүүчү финансылык маалымат);
- бүтүмдүн максаттары үчүн, мисалы менчиктин түзүмүндө же каржылоонун түзүмүндө өзгөртүүлөргө алып келген операцияларды негиздөө катарында (мисалы бириктирүүдө же сатып алууда).

10. Финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн финансылык отчеттуулукту даярдоонун түрдүү концепциялары колдонулушу мүмкүн: конкреттүү ишкананын финансылык отчеттуулугун даярдоонун жөнөкөй принциптеринен тартып финансылык отчеттуулуктун жалпы кабыл алынган стандарттарына чейин. Финансылык маалыматты түзүү жана берүү үчүн жетекчиликтин финансылык отчеттуулукту даярдоонун тигил же бул концепциясын тандоосу ишкананын ишинин мүнөзү жана алынган маалыматты болжолдуу колдонуу менен шартталган (A16-A18-пункттарын караңыз).

**Ушул ККЭСти колдонуу тармагы**

11. Ушул стандартта практикалык адис анда камтылган талаптарды сактоо аркылуу жетишүүнү ойлогон максаттар саналып өткөн. Аталган максаттар ушундай талаптар аныкталган жана практикалык адиске компиляция боюнча тапшырманы аткарууда чечилүүгө тийиш болгон маселелерди түшүнүүгө жардам берген контекстти түшүндүрөт.

12. Ушул ККЭСте «тийиш» деген этиштин жардамы менен сыпатталуучу талаптар берилет, алар практикалык адистин коюлган максаттарга жетишүүсүн камсыздоого багытталган.

13. Андан тышкары, ушул стандартта изилдөө үчүн материалдар, аныктамалар, пайдалануу боюнча колдонмо жана ушул стандарттын маңызын түшүнүүнүн керектүү деңгээлин камсыздаган башка түшүндүрмө материалдар камтылган.

14. Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар талаптарды көбүрөөк толук түшүндүрөт жана аларды сактоо боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт. Мындай көрсөтмөлөр өз алдынча милдеттүү мүнөзгө ээ болбосо дагы, алар талаптарды тийиштүү аткарууда маанилүү ролду ойнойт. Ошондой эле пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар талаптарды сактоонун тийиштүү деңгээлин камсыздаган, ушул ККЭСте каралуучу маселелер боюнча баштапкы маалыматты алууга көмөк көрсөтүшү мүмкүн.

**Күчүнө кирүү күнү**

15. Ушул ККЭС 2013-жылдын 1-июлундагы же ушул күндөн кийинки компиляция боюнча тапшырмаларды аткаруу жөнүндө отчетторго карата күчүнө кирет.

## Максаттары

16. Ушул ККЭСке ылайык компиляция боюнча тапшырмаларды аткарууда практикалык адистин максаттары төмөнкүлөрдө турат:

(a) жетекчилик берген маалыматтын негизинде финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына ылайык жетекчиликке финансылык маалыматты даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүү үчүн бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жаатындагы кесиптик тажрыйбаны колдонуу;

(b) ушул ККЭСтин талаптарына ылайык отчеттуулукту берүү.

## Аныктамалар

17. Жыйнакта берилген Терминдердин глоссарийи[3] (Глоссарий) ушул ККЭСте аныкталуучу терминдерди, ошондой эле алардын ырааттуу чечмеленишин камсыздоо максатында анда колдонулган башка терминдердин түшүндүрмөлөрүн камтыйт. Ушул ККЭСтин максаттары үчүн төмөнкү терминдер төмөндө берилген маанилерге ээ:

(a) *Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясы* – ишкананын мүнөзүн жана финансылык отчеттуулуктун максатын эске алуу менен алгылыктуу болуп саналган же мыйзам же ченемдик актылар боюнча талап кылынган финансылык отчеттуулукту даярдоо учурунда жетекчилик жана, тиешелүү учурларда, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар кабыл алган финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясы. (А35–А37-пункттарын караңыз).

(b) *Компиляция боюнча тапшырма* – анын жүрүшүндө ушул стандарттын талаптарына ылайык финансылык отчеттуулукту жана отчетторду даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык ишкананын финансылык маалыматын даярдоодо жана берүүдө жетекчиликке жардам берүү үчүн бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү тажрыйбасын практикалык адис колдонгон тапшырма.. Ушул стандарттын алкагында бул контекстинде «компилирлөө», «компиляция» жана «компиляциялоо» деген терминдер колдонулат.

(c) *Тапшырманын жетекчиси* – тапшырма жана анын аткарылышы үчүн, ошондой эле аудитордук уюмдун атынан чыгарылган корутунду же ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча отчет үчүн жооп берүүчү, зарылчылык болгон учурда кесиптик

[3] Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан *Сапатты контролдоонун, аудиттин, обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагында (Жыйнак)*, чыгарылган, Бухгалтерлердин эл аралык федерациясы тарабынан жарыяланган Эл аралык стандарттарга таандык Терминдердин глоссарийи.

уюмдан, юридикалык жактан же жөнгө салуучу органдан тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгон аудитордук уюмдун өнөктөшү же башка кызматкери.

(d) *Аудитордук топ* – конкреттүү тапшырманы аткарып жаткан бардык өнөктөштөр жана кызматкерлер, ошондой эле бул тапшырманын алкагында жол-жоболорду аткарып жаткан, аудитордук уюм же тармакка кирген уюм ишке тарткан ар кандай жактар. Буга аудитордук уюм же тармакка кирген уюм тарткан тышкы эксперттер кирбейт.

(e) *Бурмалоо* – финансылык маалыматта сумманын, классификациянын, отчеттук беренени көрсөтүүнүн же ачып көрсөтүүнүн жана финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына шайкеш келүүгө тийиш болгон берене үчүн талап кылынган сумманын, классификациянын, маалыматты берүүнүн же ачып көрсөтүүнүн ортосундагы айырма. Бурмалоолор ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам келип чыгышы мүмкүн.

Эгерде финансылык маалымат ишенимдүү берүү концепциясына ылайык даярдалган болсо, бурмалоолор ошондой эле, практикалык адистин ой жүгүртүүсү боюнча, бардык колдо болгон аспекттерде финансылык маалыматты туура көрсөтүү үчүн же туура жана ишенимдүү түшүнүк берүү үчүн зарыл болгон суммалардын, классификациялардын, маалыматты берүүнүн же ачып көрсөтүүнүн оңдоп-түзөөлөрүн камтыйт.

(f) *Практикалык адис* – финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткаруучу практикалык кесипкөй бухгалтер. Ушул термин тапшырманын жетекчисин же аудитордук топтун башка мүчөлөрүн, же тийиштүү учурларда, аудитордук уюмду түшүндүрөт. Ушул ККЭСте белгилүү бир талапты же белгилүү бир милдетти тапшырманын жетекчиси аткарууга тийиштиги ачык формада каралган учурларда, «практикалык адис» эмес, «тапшырманын жетекчиси" термини колдонулат. "Тапшырманын жетекчиси" жана "аудитордук уюм" деген терминдерди тийиштүү учурларда мамлекеттик сектордо колдонулуучу ушул терминдердин эквиваленттери деп түшүнүү керек.

(g) *Тиешелүү этикалык талаптар* – финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырмаларды аткарууда аудитордук топ сактоого милдеттүү болгон этикалык талаптар. Ушул талаптар адатта Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексинин* (БЭЭСК Кодекси) А жана В бөлүктөрүн, Б бөлүгүнүн 290 "*Көз карандысыздык: аудит жана обзордук текшерүү боюнча тапшырмалар*" жана 291 "*Көз карандысыздык: ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалар*" бөлүмдөрүнөн тышкары, ошондой эле улуттук мыйзамдардын алда канча катуу талаптарын камтыйт (А21-пунктун караңыз).

## Талаптар

**Ушул стандартка ылайык компиляция боюнча тапшырманы аткаруу**

18. Практикалык адис стандарттын максаттарын түшүнүү жана ал белгилеген талаптардын тийиштүү сакталышын камсыздоо үчүн ушул ККЭСтин тексти менен, анын ичинен пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар менен толук көлөмдө таанышууга милдеттүү.

*Маанилүү талаптарды сактоо*

19. Практикалык адис ушул ККЭСтин ар бир талабын сактоого милдеттүү, тигил же бул талап компиляция боюнча тапшырмага кирбеген учурлардан тышкары, мисалы, эгер талапта баяндалган жагдайлар ушул тапшырмага тиешеси жок болсо.

20. Практикалык адис ушул ККЭСтин талаптарын сактаган фактыны көрсөтпөөгө тийиш, ал компиляция боюнча тапшырмага колдонулган ушул стандарттын бардык талаптарын сактаган учурлардан тышкары.

**Этикалык талаптар**

21. Практикалык адис тиешелүү этикалык талаптарды сактоого милдеттүү (A19–A26-пункттарын караңыз).

**Кесипкөй ой жүгүртүү**

22. Компиляция боюнча тапшырманы аткарууда практикалык адис кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонууга милдеттүү (A27–A29-пункттарын караңыз).

**Тапшырманын деңгээлинде сапатты контролдоо**

23. Тапшырманын жетекчиси төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

(a) ал дайындалган компиляция боюнча ар бир тапшырманын бүтүндөй сапатын камсыздоо үчүн; жана

(b) аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун талаптарына ылайык төмөнкүлөр аркылуу тапшырманы аткаруу үчүн (A30-пунктун караңыз)

(i) кардарлар менен болгон мамилелерди кабыл алуу жана улантуу жана крнкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу боюнча тийиштүү жол-жоболорду жүргүзүү (A31-пунктун караңыз);

(ii) компиляция боюнча тапшырманы аткаруу үчүн бүтүндөй аудитордук топ тийиштүү квалификацияга жана жөндөмгө ээ экендиги жөнүндө ырастоону алуу;

(iii) аудитордук топтун мүчөлөрүнүн тиешелүү этикалык талаптарды аткарбоо белгилерине терең көңүл буруу жана, эгер тапшырманын жетекчиси аудитордук топтун мүчөлөрүнүн тиешелүү этикалык талаптарды аткарбагандыгын көрсөткөн маалыматты алса, тийиштүү иш-аракеттерди аныктоо (A32-пунктун караңыз)

(iv) кесиптик стандарттардын жана тийиштүү мыйзамдык жана ченемдик талаптардын негизинде тапшырманы жетектөө, көзөмөлдөө жана аткаруу;

(v) тапшырма боюнча документацияны тийиштүү жүргүзүү үчүн жоопкерчиликти алуу.

**Тапшырманы кабыл алуу жана улантуу**

*Кардарлар менен болгон мамилелерди улантуу, тапшырманы кабыл алуу жана тапшырманы аткаруу шарттарын макулдашуу*

24. Практикалык адис тапшырманы аткаруу шарттарын жетекчилик жана тапшырманын буюртмачысы (эгер жетекчиликтен айырмаланса) менен алдын ала макулдашпастан, тапшырманы кабыл албашы керек, анын ичинен:

(a) финансылык маалыматты болжолдуу колдонуу жана жайылтуу, ошондой эле аны колдонууга жана жайылтууга болгон чектөөлөр, эгер бул мүмкүн болсо (A20, A33–A34, A37–A38-пункттарын караңыз);

(b) финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулган концепциясын көрсөтүү (A20, A35–A38-пункттарын караңыз);

(c) компиляция боюнча тапшырманын максаты жана көлөмү (A20-пунктун караңыз);

(d) практикалык адистин милдеттери, анын ичинен тиешелүү этикалык талаптарды аткаруу жөнүндө талап (A20-пунктун караңыз);

(e) жетекчиликтин төмөнкүлөргө карата милдеттери (A39–A41-пункттарын караңыз):

(i) финансылык маалыматты болжолдуу колдонууну жана болжолдонгон пайдалануучуларды эске алуу менен алгылыктуу болуп саналган, финансылык

отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык финансылык маалымат, аны даярдоо жана берүү;

(ii) компиляция боюнча тапшырманы аткаруу үчүн жетекчилик тарабынан берилген бухгалтердик эсеп маалыматтарынын, документтердин, түшүндүрмөлөрдүн жана башка маалыматтын тактыгы жана бүтүндүгү; жана

(iii) финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн зарыл ой жүгүртүүлөр, анын ичинен компиляция боюнча тапшырманы аткарууда практикалык адис көмөк көрсөтүшү мүмкүндүгүнө карата; жана (А27-пунктун караңыз)

(f) практикалык адистин отчетунун болжолдуу формасы жана мазмуну.

25. Практикалык адис тапшырманы аткарып баштоодон мурда тапшырма боюнча катта же жазуу жүзүндөгү макулдашуунун башка алгылыктуу формасында тапшырманы аткаруунун макулдашылган шарттарын чагылдырууга милдеттүү (А42–А44-пункттарын караңыз).

*Кайталанма тапшырмалар*

26. Компиляция боюнча кайталанма тапшырмаларды аткарууда практикалык адис, тапшырманын шарттарын кайра карoo, анын ичинен тапшырманы кабыл алуунун шарттарын өзгөртүү зарылбы жана тапшырманын колдонулуп жаткан шарттары жөнүндө жетекчиликке дагы бир жолу эскертүү керекпи, баалоого милдеттүү (А45-пунктун караңыз).

**Жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү**

27. Компиляция боюнча тапшырмаларды аткаруу процессинде практикалык адис, кырдаалга карата, анын кесипкөй ой жүгүртүүсү боюнча жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын өзгөчө көңүл буруусун талап кылган, компиляция боюнча тапшырмага тиешелүү бардык жагдайлар жөнүндө жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга өз убагында билдирүүгө милдеттүү (А46–А47-пункттарын караңыз).

**Тапшырманы аткаруу**

*Практикалык адистин түшүнүк алуусу*

28. Практикалык адис компиляция боюнча тапшырманы аткаруу үчүн жетиштүү деңгээлде төмөнкү маселелер жөнүндө түшүнүк алууга тийиш (А48–А50-пункттарын караңыз):

(a) ишкананын иши жана операциялары, анын ичинен ишкананын бухгалтердик эсеп системасы жана бухгалтердик эсеп маалыматтары; жана

(b) финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы, анын ичинен уюм иштеген тармакта аны колдонуу.

*Финансылык маалыматты компиляциялоо*

29. Практикалык адис жетекчилик тарабынан берилген бухгалтердик эсеп маалыматтарын, документтерди, түшүндүрмөлөрдү жана башка маалыматтарды, анын ичинен маанилүү ой жүгүртүүнү колдонуу менен финансылык маалыматты компиляциялоону жүргүзүүгө тийиш.

30. Практикалык адис жетекчилик же, мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен финансылык маалыматты компиляциялоонун жүрүшүндө практикалык адиске көмөк көрсөткөн маанилүү ой жүгүртүүлөрдү талкуулоого милдеттүү (А51-пунктун караңыз).

31. Компиляция боюнча тапшырманы аткарууну аяктаганга чейин практикалык адис ишкананын иши жана операциялары жөнүндө жана финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы жөнүндө өзүнүн түшүнүгүн эске алуу менен компиляцияланган финансылык маалымат менен таанышууга милдеттүү (А52-пунктун караңыз).

32. Эгер компиляция боюнча тапшырманы аткарууда практикалык адиске компиляция боюнча тапшырманын максаттары үчүн жетекчилик тарабынан берилген бухгалтердик эсеп маалыматтарынын, документтердин, түшүндүрмөлөрдүн жана башка маалыматтардын, анын

ичинен маанилүү ой жүгүртүүлөрдүн толук эместиги, так эместиги жана башка канааттандыраарлык эмес абалы жөнүндө белгилүү болсо, практикалык адис ушул факт жөнүндө жетекчиликке билдирүүгө жана кошумча же такталган маалыматты суроого милдеттүү.

33. Эгер практикалык адис суралган бухгалтердик эсеп маалыматтарынын, документтердин, түшүндүрмөлөрдүн жана башка маалыматтардын, анын ичинен маанилүү ой жүгүртүүлөрдүн жетекчилик тарабынан берилбегендиги себеби боюнча тапшырманы бүткөрө албаса, анда практикалык адис тапшырмадан баш тартышы керек жана жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга мындай баш тартуунун себептери жөнүндө билдирүүгө тийиш (А58-пунктун караңыз).

34. Эгер тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө практикалык адиске төмөнкүлөр белгилүү болсо:

(a) компиляцияланган финансылык маалымат тиешелүү шилтемелерди же финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын сыпаттоону камтыбаса; (А53-пунктун караңыз)

(b) финансылык маалыматты олуттуу бурмалоого жол бербөө максатында компиляцияланган финансылык маалыматка өзгөртүү киргизүү зарыл; же (А54–А56-пункттарын караңыз)

(c) компиляцияланган финансылык маалымат адаштырса (А57-пунктун караңыз),

практикалык адис жетекчиликке тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштоого милдеттүү.

35. Эгер жетекчилик практикалык адиске компиляцияланган финансылык маалыматка болжолдуу өзгөртүүлөрдү киргизүүдөн баш тартса же уруксат бербесе, анда практикалык адис тапшырмадан баш тартууга жана жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга мындай баш тартуунун себептери жөнүндө билдирүүгө милдеттүү (А58-пунктун караңыз).

36. Эгер тапшырмадан баш тартууга мүмкүн болбосо, анда практикалык адис түзүлгөн жагдайларды эске алуу менен кесиптик жана юридикалык жоопкерчиликтин көлөмүн аныктоого тийиш.

37. Практикалык адис жетекчиликтен же, мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан алар компиляцияланган финансылык маалыматтын акыркы варианты үчүн жоопкерчилик алаары жөнүндө ырастама алууга тийиш (А68-пунктун караңыз).

**Документация**

38. Тапшырма боюнча документацияга практикалык адис төмөнкүлөрдү киргизүүгө тийиш: (А59–А61-пункттарын караңыз)

(a) компиляция боюнча тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө пайда болгон маанилүү маселелер жана алардын ушул маселелерди чечүү жолдору;

(b) компиляцияланган финансылык маалымат жетекчилик тарабынан берилген баштапкы маалыматтар, документтер, түшүндүрмөлөр жана башка маалымат менен кандайча макулдашылаары жөнүндө маалыматтар; жана

(c) жетекчилик же, мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар мазмуну үчүн өздөрүнө жоопкерчилик алган компиляцияланган финансылык маалыматтын акыркы вариантынын көчүрмөсү жана практикалык адистин отчету (А68-пунктун караңыз).

**Практикалык адистин отчету**

39. Практикалык адистин отчетун даярдоонун маанилүү милдети болуп компиляция боюнча тапшырманын мүнөзү жөнүндө, ошондой эле ушул тапшырманы аткаруунун алкагында практикалык адистин функциялары жана милдеттери жөнүндө так маалымат алуу саналат. Практикалык адистин отчету тигил же бул формадагы финансылык маалымат боюнча ой-пикирди билдирүү же тыянак түзүү ыкмасы болуп саналбайт.

40. Компиляция боюнча тапшырманы аткаруунун жыйынтыктары боюнча практикалык адистин отчету жазуу жүзүндө түзүлүүгө жана төмөнкүдөй элементтерди камтууга тийиш: (А62–А63, А69-пункттарын караңыз)

(a) отчеттун аталышын;

(b) тапшырманын шарттарына ылайык даректелүүчүнү же даректелүүчүлөрдү; (A64-пунктун караңыз)

(c) практикалык адис жетекчилик тарабынан берилген маалыматтын негизинде финансылык маалыматты компиляциялоону жүргүзгөндүгү жөнүндө билдирүүнү;

(d) финансылык маалыматка карата компиляция боюнча тапшырма боюнча жетекчиликтин же, мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жоопкерчилигин сыпаттоону;

(e) финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын аныктоо жана, эгер атайын багыттагы концепция колдонулса, финансылык маалыматта ушундай атайын багыттагы концепцияны сыпаттоону же сыпаттоого шилтемени;

(f) финансылык маалыматтын курамын, анын ичинен, эгер ал бирден ашык элементти камтыса, финансылык маалыматтын ар бир элементинин аталышын жана финансылык маалыматтын күнүн же ал тиешелүү мезгилди көрсөтүүнү;

(g) финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча практикалык адистин милдеттерин сыпаттоону, анын ичинен тапшырма ушул ККЭСке ылайык аткарылгандыгын жана практикалык адис тиешелүү этикалык талаптарды аткаргандыгын көрсөтүүнү;

(h) ушул ККЭСке ылайык компиляция боюнча тапшырма болуп саналаарын сыпаттоону;

(i) төмөнкүлөр жөнүндө түшүндүрмөлөрдү:

(i) компиляция боюнча тапшырма ишенимдүүлүктү камсыздаган тапшырма болуп саналбагандыктан, практикалык адис компиляциянын максаттары үчүн жетекчилик тарабынан берилген маалыматтын тактыгын же бүтүндүгүн ырастоого милдеттүү эмес; жана

(ii) ушуга байланыштуу практикалык адис аудиттин же баяндоочу текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалгандыгы же даярдалбагандыгы жөнүндө ой-пикирин же тыянагын билдирбейт;

(j) эгер финансылык маалымат атайын багыттагы концепцияны колдонуу менен даярдалса, түшүндүрмөлөрү менен төмөнкүдөй пункт зарыл (A65–A67-пункттарын караңыз):

(i) финансылык маалыматты даярдоонун максатын жана (зарылдыгына карата) анын болжолдонгон пайдалануучуларын же ушул маалымат ачып көрсөтүлгөн финансылык маалыматтын эскертүүсүн камтыган шилтемени көрсөткөн; жана

(ii) отчетту алуучуларга финансылык маалымат атайын багыттагы концепцияга ылайык даярдалгандыгын, ушуга байланыштуу маалымат башка максаттар үчүн жараксыз болушу мүмкүндүгүн көрсөткөн;

(k) практикалык адистин отчетту даярдаган күнү;

(l) практикалык адистин колу;

(m) практикалык адистин дареги.

41. Практикалык адис отчетту түзүү күнү катарында ушул ККЭСке ылайык ал компиляция боюнча тапшырманы аткарып бүткөн күндү көрсөтүүгө тийиш (A68-пунктун караңыз).

***

## Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

### Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү

*Жалпы ой-пикирлер* (1-пунктун караңыз)

A1. Тапшырманын буюртмачысы болуп жетекчиликтен же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан башка адам саналган компиляция боюнча тапшырмага карата ушул ККЭС тийиштүү адаптацияны эске алуу менен колдонулушу мүмкүн.

A2. Ишкананын жетекчилигине ишкананын финансылык маалыматын даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүнүн жүрүшүндө практикалык адистин кызмат көрсөтүүгө же иш-аракеттерди жүргүзүүгө катышуусу түрдүү формада болушу мүмкүн. Эгер практикалык адис ушул ККЭСтин негизинде ишканага ушундай кызмат көрсөтүү үчүн тартылса, анда ушул практикалык адистин финансылык маалымат менен байланышкан фактысы ушул стандартта каралган формада тапшырма боюнча берилген практикалык адистин отчетунда белгиленүүгө тийиш. Практикалык адистин отчету ушул стандартты сактоо жөнүндө практикалык адистин так өбөлгөсүн камтыйт.

*Өткөн мезгилдердин финансылык маалыматына кирбеген компиляция боюнча тапшырмаларга ККЭСти колдонуу* (2-пунктун караңыз)

A3. Ушул стандарт практикалык адистин жетекчиликке өткөн мезгилдердин финансылык маалыматын даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүсүнүн алкагындагы тапшырмаларга карата колдонулат. Бирок ушул ККЭС практикалык адис жетекчиликке башка финансылык маалыматты даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүү үчүн тартылган учурда дагы колдонулушу мүмкүн (зарыл адаптацияны эске алуу менен). Ушундай маалыматтын мисалдары катарында төмөнкүлөрдү келтирсе болот:

- финансылык маалыматтын проформасын;
- болжолдонгон финансылык маалыматты, анын ичинен финансылык бюджеттер же болжолдор.

A4. Андан тышкары практикалык адистер жетекчиликке финансылык эмес маалыматты даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүү боюнча тапшырмаларды аткарышы мүмкүн, мисалы, парник газдарын абага чыгаруулардын көлөмдөрү боюнча отчеттуулук, статистикалык же башка маалыматтык отчеттор. Ушундай жагдайларда практикалык адис көрсөтүлгөн тапшырмалардын түрлөрүнө карата, зарыл адаптацияны эске алуу менен, тийиштүү учурларда ушул ККЭСти колдонушу мүмкүн.

Ушул ККЭСти колдонуунун өзгөчөлүктөрү (3-пунктун караңыз)

A5. Ушул стандартты милдеттүү колдонуу практикалык адистердин ишкананын финансылык маалыматын даярдоого жана берүүгө тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн алкагындагы тапшырмаларга карата (мисалы мамлекеттик органдарга берүү үчүн зарыл өткөн мезгилдердин финансылык отчеттуулугуна карата) улуттук талаптарда каралышы мүмкүн. Эгер милдеттүү колдонуу мыйзамда же ченемдик актыда, колдонулуучу кесиптик стандарттарда же башка жетектөөчү документтерде каралбаса дагы, практикалык адис түзүлгөн жагдайларда ушул ККЭСтин актуалдуулугу жөнүндөгү тыянакка келиши мүмкүн.

*СКЭС 1 менен өз ара байланыш (4-пунктун караңыз)*

A6. СКЭС 1 коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмаларга, анын ичинен компиляция боюнча тапшырмаларга карата сапатты контролдоонун өздүк системасын иштеп чыгуу жана колдонуу боюнча аудитордук уюмдун милдеттерине арналган. Мындай милдеттер төмөнкүлөрдү иштеп чыгууга багытталган:

- аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасын; жана
- сапатты контролдоо системасын колдонуунун максаттарына жетишүүгө багытталган аудитордук уюмдун коштогон саясатын, ошондой эле ушундай саясаттын сакталышын ишке ашыруу жана контролдоо жол-жоболорун.

A7. СКЭС 1ге ылайык аудитордук уюм төмөнкүлөргө карата негизделген ишенимди камсыз кылуу үчүн сапатты контролдоо системасын иштеп чыгуу жана колдонуу боюнча жоопкерчилик тартат:

(a) аудитордук уюм жана анын кызматкерлери кесиптик стандарттарды, колдонулуучу мыйзамдык жана ченемдик талаптарды сакташат;

(b) аудитордук уюм же тапшырманын жетекчилери тарабынан чыгарылган отчеттор түзүлгөн жагдайларда ылайыктуу болуп саналат.[4]

A8. Компиляция боюнча тапшырмага карата СКЭС 1ди кабыл албаган юрисдикция ушундай тапшырмаларды аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо боюнча өзүнүн талаптарын коюушу мүмкүн. Тапшырманын деңгээлинде сапатты контролдоого тиешелүү ушул ККЭСтин жоболору сапатты контролдоо боюнча кабыл алынган талаптар СКЭС 1дин талаптарына караганда андан кем эмес катуу болуп саналгандыгына карата иштелип чыккан. Ушул талаптар СКЭС 1дин талаптарында көрсөтүлгөн максаттарга жетишүү боюнча аудитордук уюмдун милдеттенмелерин, анын ичинен сапатты контролдоо системасын, анын ичинен төмөнкү ар бир элементтерге тиешелүү саясатты жана жол-жоболорду иштеп чыгуу боюнча милдеттенмени белгилегенде бул камсыздалат:

- аудитордук уюмдун ичиндеги сапат үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги;
- тиешелүү этикалык талаптар;
- кардарлар менен болгон мамилелерди кабыл алуу жана улантуу жана конкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу;
- кадр ресурстары;
- тапшырманы аткаруу; жана
- мониторинг.

A9. Аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын контекстинде аудитордук топтор тапшырмага карата сапатты контролдоо жол-жоболорун киргизүү үчүн жоопкерчилик тартышат.

A10. Эгер аудитордук уюм же башка жактар тарабынан берилген маалымат башканы көрсөтпөсө, анда аудитордук топ аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасына ишенүүгө укуктуу. Мисалы, аудитордук топ төмөнкүлөргө карата аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасына ишенсе болот:

- персоналды тандоо жана окутуу программалары менен камсыздалуучу кесиптик компетенттүүлүккө;
- кардарлар менен болгон мамилелерди кабыл алуу жана улантуу системалары аркылуу кардарлар менен болгон мамилелерди сактоого;
- мониторинг процессинин эсебинен мыйзамдык жана ченемдик талаптарды сактоого.

Компиляция боюнча тапшырманы аткарууга терс таасир тийгизиши мүмкүн аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын кемчиликтерин талдоодо тапшырманын жетекчиси аларды жоюу үчүн аудитордук уюм тарабынан көрүлгөн, компиляция боюнча ушул тапшырманын алкагында тапшырманын жетекчиси жетиштүү деп санаган чаралар жөнүндө маселени карашы мүмкүн.

A11. Аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын кемчиликтери дайыма эле компиляция боюнча тапшырма кесиптик стандарттарды, колдонулуучу мыйзамдык же ченемдик талаптарды бузуу менен аткарылгандыгын же болбосо практикалык адистин отчету орунсуз болуп саналаарын көрсөтө бербейт.

**Компиляция боюнча тапшырма**

*«Жетекчилик» жана «корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар» деген терминдерди колдонуу* (5, 7–8-пункттарын караңыз)

A12. Жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын тийиштүү милдеттери юрисдикцияга жана ишкананын түрүнө карата айырмаланат. Ушул айырмачылыктар

[4] СКЭС 1, 11-пункт

жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга карата практикалык адистин ушул ККЭСтин талаптарын колдонуу тартибин аныктайт. Натыйжада ушул стандарттын түрдүү бөлүктөрүндө колдонулган «жетекчилик жана, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар» деген сөз айкашы ишкананын чөйрөсүнө карата жетекчиликтин жана башкаруунун түрдүү түзүмдөрү жана формалары болушу мүмкүн фактыга практикалык адистин көңүлүн бурууга багытталган.

A13. Финансылык маалыматты жана финансылык отчеттуулукту даярдоо боюнча түрдүү милдеттер жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын ортосунда төмөнкүдөй факторлорго карата бөлүштүрүлөт:

- ишкананын ресурстары жана түзүмү;
- мыйзамдын же ченемдик актынын колдонулуучу жоболору менен же болбосо, эгер ишкана жөнгө салынуучу болуп саналбаса, ишкананын башкаруу же отчеттуулук бөлүгүндө расмий бекитилген келишимдерде (мисалы келишимге, ишкана уюмдаштырылган уюмдаштыруучу же башка документтерге ылайык) белгиленген жетекчиликтин жана ишкананын ичинде корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын тийиштүү функциялары.

Көпчүлүк чакан ишканаларда жетекчиликтин жана ишкананы башкаруу функциялары көбүнчө бөлүнгөн эмес же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар дагы ишкананы башкарууга катышат. Башка көпчүлүк учурларда, өзгөчө көбүрөөк ири ишканаларда жетекчилик ишти жүргүзүү, ишкананын күндөлүк иши жана тийиштүү отчеттуулукту берүү үчүн жооп берет, ал эми корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар жетекчиликтин иш-аракеттерин көзөмөлдөйт. Көбүрөөк ири ишканаларда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар көбүнчө ишкананын финансылык маалыматын бекитүү үчүн жоопкерчилик тартат же жоопкерчиликти өзүнө алат, өзгөчө эгер ал тышкы пайдалануучулар үчүн багытталса. Ири ишканаларда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын чакан тобу, мисалы, аудитордук комитет, көбүнчө белгилүү бир көзөмөлдөө функцияларын аткарат. Бир катар өлкөлөрдө белгилүү бир концепцияга ылайык ишкананын финансылык отчеттуулугун даярдоо корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жоопкерчилик чөйрөсүнө кирсе, башка өлкөлөрдө бул функция жетекчиликке бекитилген.

*Финансылык маалыматты даярдоого жана берүүгө байланыштуу башка иш-аракеттерге катышуу* (5-пунктун караңыз)

A14. Компиляция боюнча тапшырманын көлөмү аны аткаруу жагдайларына көз каранды. Ошону менен бирге эле тапшырма бардык учурда жетекчилик тарабынан берилген маалыматтын негизинде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясына ылайык жетекчиликке ишкананын финансылык маалыматтын даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүнү болжолдойт. Компиляция боюнча айрым тапшырмалардын предмети болуп буга чейин жетекчилик тарабынан даярдалган финансылык маалымат болуп калат, ал долбоор түрүндө же алдын ала документ катарында таризделиши мүмкүн.

A15. Компиляция боюнча тапшырманы аткарууга толуктоо катарында практикалык адис жетекчиликтин атынан айрым башка иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн дагы тартылышы мүмкүн. Мисалы, практикалык адис ишкананын бухгалтердик эсебинин баштапкы маалыматтарын топтоого, классификациялоого жана жалпылоого, ошондой эле жүгүртүү-сальдолук ведомостту түзгөнгө чейин бухгалтердик эсептин маалыматтарын алуу үчүн аларды иштеп чыгууга кошумча суроо-талап алышы мүмкүн. Бул учурда жүгүртүү-сальдолук ведомость баштапкы маалымат катарында колдонулат, анын негизинде практикалык адис ушул ККЭСке ылайык компиляция боюнча тапшырмага кирген финансылык маалыматты компиляциялоо жүргүзүшү мүмкүн. Эсеп жүргүзүү системасы жакшы уюштурулбаган чакан ишканаларда же бухгалтердик эсептин маалыматтарын даярдоо боюнча милдеттерди тышкы подрядчыларга өткөрүп берүүнү туура көргөн ишканаларда көбүнчө ушундай болот. Ушул стандарт ишкананын финансылык отчеттуулугун компиляциялаганга чейин жетекчиликке башка маселелер боюнча көмөк көрсөтүүдө практикалык адис тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн кошумча иш-аракеттерге жайылтылбайт.

*Финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциялары* (10-пунктун караңыз)

A16. Финансылык маалымат төмөнкүлөрдү канааттандыруу үчүн багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясына ылайык даярдалышы мүмкүн:

- финансылык маалыматты пайдалануучулардын кеңири чөйрөсүнүн стандарттык керектөөлөрүн (жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы);
- финансылык маалыматты белгилүү бир пайдалануучулардын керектөөлөрүн (атайын багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы).

Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынын талаптары финансылык маалыматтын формасын жана мазмунун аныктайт. Бир катар учурларда финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы "бухгалтердик эсептин негизи" болуп аталышы мүмкүн.

A17. Жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоонун жалпы кабыл алынган концепцияларынын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ФОЭС) жана баалуу кагаздары уюштурулган соодаларга киргизилген ишканаларга карата колдонулуучу финансылык отчеттуулуктун белгиленген улуттук стандарттары;
- Чакан жана орто ишканалар үчүн финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ЧОИ үчүн ФОЭС) жана чакан жана орто ишканаларга колдонулуучу финансылык отчеттуулуктун белгиленген улуттук стандарттары.

A18. Финансылык маалыматты даярдоонун конкреттүү максатына карата колдонулушу мүмкүн атайын багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясынын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

- салык мыйзамдарынын талаптарын сактоо боюнча милдеттенмелерди аткаруу максатында финансылык маалыматты даярдоо үчүн тигил же бул юрисдикциядагы бухгалтердик эсептин салык принциптери;
- финансылык отчеттуулукту даярдоонун белгиленген концепциясын колдонууга милдеттүү эмес ишканалар үчүн:
    - конкреттүү ишкананын финансылык маалыматына карата колдонулган, финансылык маалыматты болжолдонгон колдонууга жана ишкананын ишинин жагдайларына карата алгылыктуу болуп саналган бухгалтердик эсептин негизги принциптери (мисалы, дебитордук жана кредитордук карыз сыяктуу, анын негизинде пайдалар жана зыяндар жөнүндө баланс жана отчет даярдалат, айрым чегерүүлөр менен бухгалтердик эсептин кассалык методун колдонуу же финансылык маалыматты даярдоонун конкреттүү максатына адаптацияланган финансылык отчеттуулукту даярдоонун белгиленген концепциясын колдонуу);
    - эсепке алуунун кассалык методу, анын натыйжасында акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет даярдалат (мисалы, акчалай түшүүлөр жана төлөмдөр менен ижараланган мүлктүн менчик ээсинин ортосундагы оң айырманы бөлүштүрүү максатында же накталай акча каражаттарынын кыймылын эсепке алууда чагылдыруу максатында).

**Этикалык талаптар** (21-пунктун караңыз)

A19. БЭЭСК Кодексинин А бөлүгү практикалык адистер сактоого тийиш болгон кесиптик этиканын негиз салуучу принциптерин белгилейт жана ушундай принциптерди колдонуунун концептуалдуу негизин түзөт. Негиз салуучу принциптердин катарына төмөнкүлөр кирет:

(a) ак ниеттүүлүк;

(b) объективдүүлүк;

(c) кесиптик компетенттүүлүк жана талаптагыдай кылдаттык;

(d) купуялуулук; жана

(e) кесиптик жүрүм-турум.

БЭЭСК Кодексинин Б бөлүгү тигил же бул кырдаалдарда концептуалдык негиз кантип колдонулушу керектигин ачык көрсөтөт. БЭЭСК Кодексинин жоболорун аткаруунун алкагында практикалык адистин тиешелүү этикалык талаптарды сактабаган тобокелдиктерин аныктоо жана тийиштүү түрдө карoo зарыл.

*Практикалык адистин финансылык маалымат менен байланышына карата иштиктүү этиканын өзгөчөлүктөрү* (21, 24(a)–(d)-пункттарын караңыз)

A20. БЭЭСК Кодексине ылайык[5] ак ниеттүүлүк принцибин колдонууда кесипкөй бухгалтерге корутундулар жана отчеттор, декларациялар, билдирүүлөр жана башка маалымат менен атайылап байланышууга жол берилбейт, эгер ал мындай маалыматты төмөнкүдөй эсептесе:

(a) олуттуу бурмалоолорду же адаштырган билдирүүлөрдү камтыса;

(b) кокусунан даярдалган билдирүүлөрдү же маалыматтарды камтыса;

(c) кетирилген кемчиликтерди камтыса же ачып көрсөтүлүүгө тийиш маалыматтарды ачып көрсөтпөсө, эгер мындай кемчиликтер же ачып көрсөтпөө адаштырса.

Эгер кесипкөй бухгалтерге ушундай маалымат менен өзүнүн байланышы жөнүндө белгилүү болсо, анда БЭЭСК Кодексине ылайык ал ушундай байланышты жоюу боюнча чара көрүүгө милдеттүү.

*Көз карандысыздык* (17(g), 21-пункттарын караңыз)

A21. БЭЭСК Кодексинин Б бөлүгүнүн 290 *"Көз карандысыздык: аудит жана обзордук текшерүү боюнча тапшырмалар*" жана 291 "*Көз карандысыздык: ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалар*" бөлүмдөрү компиляция боюнча тапшырмаларга жайылтылбагандыгына карабастан, көз карандысыздыкка тиешелүү талаптар же ачып көрсөтүү эрежелери иштиктүү этиканын улуттук кодекстери, мыйзамдардын же ченемдик актылардын жоболору менен белгилениши мүмкүн.

Мыйзамдардын жана ченемдик актылардын сакталбагандыгын аныктоо же болжолдуу сакталбагандыгы жөнүндө ишкананын чегинен тышкаркы тийиштүү органга билдирүү

A22. Мыйзамдар, ченемдик актылар же тишелүү этикалык талаптар төмөнкүлөргө мүмкүн:

(a) практикалык адисти мыйзамдардын жана ченемдик актылардын сакталбагандыгын аныктоо же болжолдуу сакталбагандыгы жөнүндө ишкананын чегинен тышкаркы тийиштүү органга билдирүүгө милдеттендирүүгө.

(b) ишкананын чегинен тышкаркы тийиштүү органга маалыматтарды билдирүү милдеттери белгилүү бир жагдайларда максаттуу болушу мүмкүндүгүн аныктоого. [6]

A23. Белгилүү бир жагдайларда мыйзамдардын жана ченемдик актылардын сакталбагандыгын аныктоо же болжолдуу сакталбагандыгы жөнүндө ишкананын чегинен тышкаркы тийиштүү органга билдирүү төмөнкү учурларда зарыл же максаттуу болушу мүмкүн:

(a) мыйзамдар, ченемдик актылар же тишелүү этикалык талаптар практикалык адиске тийиштүү маалыматты берүүнү эскертсе;

(b) практикалык адис тиешелүү этикалык талаптарга ылайык маалыматты ачып көрсөтүү аныкталган же болжолдонгон шайкештиксиздикке карата туура иш-аракет болуп саналаарын белгилесе; же

(c) мыйзамдар, ченемдик актылар же тишелүү этикалык талаптар практикалык адиске ушундай укукту бекитип берсе.

---

5 БЭЭСК Кодекси, А бөлүгү, 110.2-пункт.

6 Мисалы, БЭЭСК Кодексинин 225.51 - 225.52-бөлүктөрүн караңыз

A24. Ушул ККЭСтин 28-пунктуна ылайык практикалык адистен компиляция боюнча тапшырманы аткаруу үчүн зарыл деңгээлден ашыкча мыйзамдарды жана ченемдик актыларды билүүсү күтүлбөйт. Бирок, мыйзамдар, ченемдик актылар же тишелүү этикалык талаптар практикалык адистен аныкталган же болжолдонгон шайкештиксиздикке көңүл буруууда билимди, кесипкөй ой жүгүртүүнү жана тажрыйбаны колдонууну талап кылышы мүмкүн. Тигил же бул иш-аракет иш жүзүндө талаптарды сактабагандык болуп саналаары/саналбасы жөнүндө маселе акыр аягында сот же сот бийлигинин башка тийиштүү органы тарабынан чечилет.

A25. Айрым жагдайларда мыйзамдардын жана ченемдик актылардын сакталбагандыгын аныктоо же болжолдуу сакталбагандыгы жөнүндө ишкананын чегинен тышкаркы тийиштүү органга билдирүү мыйзамдарга, ченемдик актыларга же тишелүү этикалык талаптарга ылайык купуялуулукту сактоо боюнча практикалык адиске жүктөлгөн милдеттенмелерге карата мүмкүн эмес болушу мүмкүн. Башка учурларда аныкталган же болжолдонгон шайкеш эместик жөнүндө ишкананын чегинен тышкаркы тийиштүү органга билдирүү тишелүү этикалык талаптарга ылайык купуялуулукту сактоо боюнча милдеттенмелерди бузуу болуп саналбайт.[7]

A26. Практикалык адис кандайдыр бир конкреттүү иш-аракеттерди жүргүзүүнүн кесиптик же юридикалык кесепеттерин түшүнүү үчүн ички консультация алуу (мисалы аудитордук уюмдун же тармакка кирген уюмдун  алкагында), юридикалык консультация алуу же болбосо жөнгө салуучу же компетенттүү орган менен купуялуулук негизинде консультация алуу (мындай иш-аракет мыйзамдарда же ченемдик актыларда тыюу салынган же болбосо купуялуулукту сактоо боюнча милдеттенмелерди бузган кырдаалдардан тышкары) мүмкүндүгүн карашы мүмкүн.[8]

**Кесипкөй ой жүгүртүү** (22, 24(e)(iii)-пункттарын караңыз)

A27. Кесипкөй ой жүгүртүү компиляция боюнча тапшырманы тийиштүү аткаруунун негизин түзөт. Мындай маанилүү роль тиешелүү этикалык талаптарды жана ушул ККЭСтин талаптарын чечмелөө, ошондой эле компиляция боюнча тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө негизделген чечимдерди кабыл алуу зарылдыгы аткарылуучу тапшырманын фактыларына жана жагдайларына тийиштүү кесиптик билимди жана тажрыйбаны колдонууну болжолдоо менен шартталган. Тактап айтканда, кесипкөй ой жүгүртүү ишкананын жетекчилигине төмөнкүлөр боюнча чечим кабыл алууга көмөк көрсөтүүдө зарыл:

- финансылык маалыматты болжолдуу колдонууну жана болжолдонгон пайдалануучулардын чөйрөсүн эске алуу менен ишкананын финансылык маалыматын даярдоодо жана берүүдө колдонулууга тийиш финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясынын алгылыктуулугу;
- финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын колдонуу, анын ичинен:
    - ушул концепциянын алкагында тийиштүү эсеп саясатын тандоо;
    - ушул концепцияга ылайык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн зарыл баалоо белгилерин иштеп чыгуу; жана
    - финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү.

Жетекчилик же, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар финансылык маалыматта чагылдырылган маанилүү ой жүгүртүүлөрдүн маңызын түшүнгөн жана алар үчүн өздөрүнө жоопкерчилик алган шартта гана практикалык адис жетекчиликке көмөк көрсөтөт.

A28. Кесипкөй ой жүгүртүү компиляция боюнча тапшырманын жагдайларында ылайыктуу иш-аракеттердин пландары жөнүндө негизделген чечимдерди кабыл алуу процессинде тийиштүү ыктуулукту, билимди жана көндүмдөрдү (ушул ККЭСтин контекстинде – бухгалтердик эсеп жүргүзүү стандарттарын жана этикалык стандарттарды) колдонууну болжолдойт.

---

7 Мисалы, БЭЭСК Кодексинин 140.7 жана 225.53-бөлүктөрүн караңыз.

8 Мисалы, БЭЭСК Кодексинин 225.55-бөлүгүн караңыз.

A29. Айрым тапшырмалар боюнча кесипкөй ой жүгүртүү практикалык адистин тапшырма жөнүндө өзүнүн отчетун түзгөн күнгө карата ага белгилүү болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде чыгарылат, анын ичинен:

- ишкана үчүн башка тапшырмаларды аткаруунун жүрүшүндө алынган билим, эгер мүмкүн болсо (мисалы, салык кызматтарын көрсөтүүдө);
- практикалык адистин ишкананын иши жөнүндө, анын ичинен анын бухгалтердик эсеп жүргүзүү системасы жөнүндө, ошондой эле ишкана ишин жүргүзгөн тармакта финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын колдонуу жөнүндө түшүнүгү;
- финансылык маалыматты даярдоо жана берүү жетекчиликтин ой жүгүртүүсүн талап кылган баскыч.

**Тапшырманын деңгээлинде сапатты контролдоо** (23(b)-пунктун караңыз)

A30. Бүтүндөй ар бир тапшырманын сапаты үчүн жоопкерчиликти алууда тапшырманын жетекчисинин иш-аракеттери жана аудитордук топтун башка мүчөлөрү үчүн тийиштүү билдирүүлөр тапшырманын жогорку сапатына жетишүү үчүн маанилүүлүктү белгилейт:

(a) кесиптик стандарттарга, ченемдик жана мыйзамдык талаптарга ылайык ишти аткаруу;

(b) тийиштүү жагдайларда сапатты контролдоо саясатынын талаптарын жана жол-жоболорун сактоо; жана

(c) практикалык адистин ушул ККЭСке ылайык тапшырма жөнүндө отчет түзүүсү.

*Кардарлар менен болгон мамилелерди кабыл алуу жана улантуу жана финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу* (23(b)(i)-пунктун караңыз)

A31. СКЭС 1 аудитордук уюм аткарылуучу тапшырманы улантуунун максаттуулугу жөнүндө чечим кабыл алууда, ошондой эле болгон кардарга карата жаңы тапшырманы кабыл алуу жөнүндө маселени кароодо, жаңы кардарга карата тапшырманы кабыл алганга чейин, түзүлгөн жагдайларда зарыл деп эсептеген маалыматты аудитордук уюмдун алуусу боюнча талапты камтыйт. Кардарлар менен болгон мамилелерди кабыл алуунун жана улантуунун жана финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырмаларды кабыл алуунун жана аткаруунун максаттуулугу жөнүндө тапшырманын жетекчиси чечим кабыл алууга түрткү берген маалыматка негизги менчик ээлеринин, негизги жетекчилердин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын ак ниеттүүлүгү боюнча маалымат кирет. Эгер тапшырманын жетекчиси тапшырманы аткарууга терс таасир тийгизүүгө жөндөмдүү деңгээлде жетекчиликтин ак ниеттүүлүгүнөн күмөн саноого негиздер болсо, тапшырманы кабыл алуу максатсыз болушу мүмкүн.

*Тапшырманы аткарууда тиешелүү этикалык талаптарды сактоо* (23(b)(iii)-пунктун караңыз)

A32. СКЭС 1 аудитордук уюмдун жана анын кызматкерлеринин тиешелүү этикалык талаптарды сактоосу боюнча акылга сыярлык ишенимди камсыз кылууга багытталган саясатты жана жол-жоболорду иштеп чыгуу боюнча аудитордук уюмдун милдеттерин сыпаттоону камтыйт. Ушул ККЭС тапшырманын жетекчисинин жумушчу тобу тарабынан тиешелүү этикалык талаптардын сакталышы боюнча тапшырманын жетекчисинин милдеттерин карайт.

**Тапшырманы кабыл алуу жана улантуу**

*Финансылык маалыматтын болжолдуу колдонулушун аныктоо* (24(a)-пунктун караңыз)

A33. Финансылык маалыматтын болжолдуу колдонулушу колдонулуучу мыйзамдарды, ченемдик актыларды же ишкананын финансылык маалыматын берүү боюнча башка белгиленген келишимдерди эске алуу менен, ошондой эле ишканага карата ички же тышкы болуп саналган, финансылык маалыматтын болжолдонгон пайдалануучулары болуп саналган тараптардын финансылык маалыматты алуу керектөөлөрүн эске алуу менен аныкталат. Берүүчүлөр, банктар же

каржылаган башка адамдар сыяктуу тышкы тараптардын катышуусу менен операцияларды жүргүзүүгө же чечимдерди каржылоого байланыштуу уюм тарабынан берилүүгө тийиш финансылык маалымат мисал болуп саналат.

A34. Практикалык адис тарабынан финансылык маалыматтын болжолдуу колдонулушун аныктоо компиляция боюнча тапшырманы аткарууга суроо-талап жиберүү аркылуу жетишүүгө тийиш болгон жетекчиликтин же, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын өзгөчө максаттары, ошондой эле тапшырманын буюртмачысынын максаттары сыяктуу, эгер ал жогоруда аталган адамдардан айырмаланса, факторлор жөнүндө анын түшүнүк алуусун дагы болжолдойт. Мисалы каржылоочу орган гранттарды берүүгө же берүүнү улантууга негиздеме катарында белгиленген формада даярдалган ишкананын ишинин же операцияларынын белгилүү бир аспекттери жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн кесиптик бухгалтер тарабынан компиляцияланган финансылык маалыматты берүүсүн ишканадан талап кылышы мүмкүн.

*Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын аныктоо* (17(a), 24(b)-пункттарын караңыз)

A35. Финансылык маалыматка карата жетекчилик тарабынан кабыл алынган финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясын тандоо жөнүндө чечим тапшырманын макулдашылган шарттарында жана колдонулуучу мыйзамдардын же ченемдик актылардын талаптарында каралуучу маалыматты болжолдуу колдонуу менен шартталган.

A36. Финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясынын алгылыктуулугу жөнүндө маселени чечүүнүн болушу мүмкүн максаттуулугун көрсөткөн факторлордун мисалдары төмөндө берилди:

- ишкананын ишинин мүнөзү, анын иши мамлекеттик тарабынан жөнгө салынабы, мисалы, пайда алуу максатында түзүлгөн коммерциялык уюм, мамлекеттик сектордогу ишкана же коммерциялык эмес уюм жөнүндө сөз болуп жатабы;
- финансылык маалыматты болжолдуу колдонуу жана анын болжолдогон пайдалануучулары. Мисалы финансылык маалымат компиляция боюнча тапшырманы аткаруунун шарттарын макулдашууда көрсөтүлүүчү белгилүү бир максатта пайдалануучулардын кеңири чөйрөсү, жетекчилик же белгилүү бир тышкы пайдалануучулар үчүн багытталышы мүмкүн;
- финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы колдонулуучу мыйзамдын, ченемдик актынын алкагында, келишимдик тартипте же үчүнчү жак менен башка макулдашуу аркылуу же болбосо ишкана тарабынан ыктыярдуу кабыл алынган корпоративдик башкаруу жана отчеттуулук тартиби жөнүндө келишимдердин негизинде белгиленген же аныкталган болуп саналабы;
- финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалууга жана берилүүгө тийиш финансылык маалыматтын мүнөзү жана формасы, мисалы финансылык отчеттуулуктун толук комплекти, финансылык отчеттуулуктун айрым формалары же келишимдин тараптары макулдашкан башка форматта же макулдашуунун башка формасында берилген финансылык маалымат.

Финансылык маалымат белгилүү бир максат үчүн багытталган учурда тийиштүү факторлор (24(a) – (b)-пункттарын караңыз)

A37. Бүтүндөй тапшырманын буюртмачысы белгилүү бир колдонууга багытталган финансылык маалыматтын мүнөзүн жана формасын болжолдонгон пайдалануучулар менен макулдашат, мисалы финансылык отчеттуулук жөнүндө жоболордо, гранттарды берүү жөнүндө келишимде же макулдашууда же, эгер бул зарыл болсо, ишкананын операцияларын же ишин негиздөө үчүн. Тийиштүү келишим финансылык отчеттуулукту даярдоонун белгиленген концепциясын колдонууну карашы мүмкүн, мисалы мыйзамга же ченемдик актыга ылайык стандарттарды иштеп чыгуу боюнча ыйгарым укуктуу же таанылган орган тарабынан түзүлгөн жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясы. Альтернатива катарында келишимдин тараптары алардын конкреттүү керектөөлөрүнө жооп берген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен жалпы багыттагы концепцияны колдонууну макулдашышы мүмкүн. Бул учурда финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы финансылык маалыматта жана практикалык адистин отчетунда көрсөтүлгөн келишимдин финансылык отчеттуулугу жөнүндөгү жоболор катарында, бирок финансылык отчеттуулукту даярдоонун такталган

концепциясына шилтеме бербестен, сыпатталышы мүмкүн. Көрсөтүлгөн учурларда компиляцияланган финансылык маалыматтын жеткиликтүүлүк чектери кеңейиши мүмкүндүгүнө карабастан, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы атайын багыттагы концепция болуп саналат, ал эми практикалык адис ушул ККЭСте каралган отчеттуулуктун тийиштүү талаптарын сактоого тийиш.

A38. Эгер финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы атайын багыттагы концепция болуп саналса, анда практикалык адис ушул ККЭСке ылайык тапшырма боюнча катта финансылык маалыматты болжолдуу колдонуу же жайылтуу боюнча бардык чектөөлөрдү чагылдырууга тийиш, ал эми өзүнүн отчетунда финансылык маалымат атайын багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясына ылайык даярдалгандыгын жана башка максаттар үчүн жараксыз болушу мүмкүндүгүн көрсөтүшү керек.

*Жетекчиликтин жоопкерчилиги* (24(е)-пунктун караңыз)

A39. Ушул ККЭСтин негизинде практикалык адис тапшырманы кабыл алуунун алдын ала шарты катарында финансылык маалыматка карата дагы жана компиляция боюнча тапшырмага карата дагы жетекчиликтин же, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын макулдугун алууга тийиш. Чакан ишканаларда жетекчиликтин же, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын ушундай жоопкерчилик жөнүндө, анын ичинен колдонулуучу мыйзамда же ченемдик актыда каралган жоопкерчилик жөнүндө жетиштүү маалыматы жок болушу мүмкүн. Жетекчиликтин негизделген жана салмактуу макулдугун алуу үчүн практикалык адиске ушул маселе боюнча жетекчиликтин макулдугун алганга чейин ушул жоопкерчиликти жетекчилик менен талкуулоо талап кылынышы мүмкүн.

A40. Эгер жетекчилик компиляция боюнча тапшырмага карата өзүнүн жоопкерчилигин тааныбаса, анда практикалык адис тапшырманы кабыл албайт жана ал ушундай тапшырманы кабыл албоого тийиш, бул колдонулуучу мыйзамдарда же ченемдик актыларда каралган учурлардан тышкары. Практикалык адис компиляция боюнча тапшырманы кабыл алууга милдеттүү болгон жагдайларда ушул маселелердин маанилүүлүгү жана тапшырма үчүн алардын кесепеттери жөнүндө жетекчиликке билдирүүсү талап кылынышы мүмкүн.

A41. Практикалык адис компиляция боюнча тапшырманы аткаруу үчүн бардык тийиштүү так жана толук маалыматты өз убагында берүү маселеси боюнча жетекчиликке ишенүүгө укуктуу. Тапшырманын максаттары үчүн жетекчилик тарабынан маалымат берүүнүн формасы тапшырманы аткаруу жагдайларына карата түрдүү болушу мүмкүн. Жалпы учурда ага бухгалтердик эсептин маалыматтары, түшүндүрмөлөр жана финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынын негизинде финансылык маалыматты компиляциялоого тиешелүү башка маалымат кирет. Берилүүчү маалыматка, мисалы финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынын негизинде маалыматты компиляциялоо үчүн зарыл баалоо белгилерин иштеп чыгуу бөлүгүндө жетекчиликтин болжолдору, ниеттери же пландары жөнүндө маалымат кирет.

*Тапшырма боюнча кат же жазуу жүзүндөгү келишимдин башка формасы* (25-пунктун караңыз)

A42. Бардык тараптардын – жетекчиликтин, тапшырманын буюртмачысынын, эгер ал жетекчиликтен башка болсо, жана практикалык адистин кызыкчылыгында – практикалык адис компиляция боюнча тапшырманы аткарганга чейин жетекчиликке жана, эгер мүмкүн болсо, тапшырманын буюртмачысына ушундай тапшырма боюнча катты жиберүүгө милдеттүү, бул тапшырманын шарттары боюнча кандайдыр бир түшүнбөстүктөргө жол бербөөгө мүмкүндүк берет. Тапшырма боюнча кат практикалык адистин тапшырманы кабыл алуу фактысын, ошондой эле төмөнкүдөй аспектилерди ырастайт:

- тапшырманын максаттары жана милдеттери, анын ичинен тапшырманын тараптарынын ал ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыгын түшүнүүсү;
- финансылык маалыматты болжолдуу колдонуу жана жайылтуу, ошондой эле, эгер мүмкүн болсо, аны колдонууга жана жайылтууга бардык чектөөлөр жөнүндө маалымат;
- компиляция боюнча тапшырмага карата жетекчиликтин жоопкерчилиги;

- практикалык адистин жоопкерчилик чектери, анын ичинен ал аудиттин же финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча пикирин жана тыянагын билдирбеген факты;
- практикалык адис тарабынан даярдалууга тийиш тапшырма жөнүндө отчеттун формасы жана мазмуну.

Тапшырма боюнча каттын формасы жана мазмуну

A43. Тапшырма боюнча каттын формасы жана мазмуну ар бир тапшырма айырмаланышы мүмкүн. Ушул ККЭСтин талаптарына ылайык чагылдырылууга тийиш болгон маселелерден тышкары, тапшырма боюнча катта төмөнкүлөр дагы көрсөтүлүшү мүмкүн:

- компиляция боюнча тапшырманын айрым аспекттерине башка практикалык адистерди жана эксперттерди катышууга тартуу жөнүндөгү келишим;
- эгер биринчи аткарылган тапшырмага карата мурдагы практикалык адис болсо, аны менен талкуулоо зарыл маселелер;
- жетекчиликтин же, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө практикалык адиске оозеки формасында берилген белгилүү бир маалыматты же түшүндүрмөлөрдү жазуу жүзүндө ырастоого суроо-талап алуу мүмкүнчүлүгү;
- компиляция боюнча тапшырманы аткаруу максаттары үчүн колдонулуучу маалыматка менчик укугу, ошол эле учурда тапшырманы аткаруу үчүн берилген ишкананын документтерин жана маалыматын, колдонулуучу мыйзамдарды же ченемдик актыларды эске алуу менен практикалык адистин тапшырма боюнча документтерин айырмалоо менен;
- жетекчиликке жана тапшырманын буюртмачысына, эгер ал жетекчиликтен башка болсо, тапшырма боюнча катты алгандыгын жана анда баяндалган шарттар менен макулдугун ырастоо өтүнүчү менен суроо-талап.

Тапшырма боюнча каттын мисалы

A44. Компиляция боюнча тапшырманын шарттарын сүрөттөгөн тапшырма боюнча каттын мисалы ушул ККЭСтин 1-тиркемесинде берилген.

*Кайталанма тапшырмалар* (26-пунктун караңыз)

A45. Практикалык адис тапшырма боюнча жаңы катты же жазуу формасындагы башка келишимди жыл сайын жибербөө чечимин кабыл алышы мүмкүн. Бирок төмөндө саналып өткөн факторлор компиляция боюнча тапшырманын шарттарын кайра кароо же жетекчиликке же болбосо, эгер мүмкүн болсо, тапшырманын буюртмачысына тапшырманын колдонулуучу шарттары жөнүндө эскертүү зарылдыгын көрсөтүшү мүмкүн:

- жетекчиликтин же, эгер мүмкүн болсо, тапшырманын буюртмачысынын тапшырманын максатын жана милдетин туура эмес түшүнгөндүгүн бардык көрсөтүү;
- тапшырманын бардык кайра каралган же атайын шарты;
- ишкананын жогорку жетекчилигинин курамындагы жакынкы өзгөрүү;
- ишкананын менчигинин түзүмүндөгү олуттуу өзгөрүү;
- ишкананын бизнесинин мүнөзүндөгү же чектериндеги олуттуу өзгөрүү;
- ишканага таасир тийгизүүчү мыйзамдык же ченемдик талаптардагы өзгөрүү;
- финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын алмаштыруу.

**Жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү** (27-пунктун караңыз)

A46. Маалымдоо мөөнөттөрү компиляция боюнча конкреттүү тапшырманын жагдайларына карата өзгөрөт. Чечим кабыл алууда, мисалы, маселенин маанилүүлүгүн жана мүнөзүн, ошондой эле жетекчиликтин же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын ушуга байланыштуу чара көрүү зарылдыгын эске алуу керек. Тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө пайда болгон олуттуу кыйынчылыктар жөнүндө, эгер жетекчилик же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар практикалык адиске ушул маселени чечүүгө жардам бере алса, мүмкүн болушунча эрте билдирүү максатка ылайык болушу мүмкүн.

A47. Тиешелүү этикалык ченемдер мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандыкты аныктоо же болжолдуу сактабагандык жөнүндө тийиштүү деңгээлдеги жетекчиликке же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга билдирүү талабын камтышы мүмкүн. Айрым юрисдикцияларда мыйзамдар же ченемдик актылар белгилүү бир маселелер боюнча практикалык адистин жетекчилик же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүсүн чектеши мүмкүн. Мыйзамдар же ченемдик актылар маалыматтык өз ара аракеттенүүгө же тийиштүү органга иш жүзүндөгү же болжолдонгон мыйзамсыз иш-аракеттерди изилдөөгө тоскоол болушу мүмкүн башка иш-аракеттерге, анын ичинен ишканага эскертүүгө өзгөчө тыюу салышы мүмкүн, мисалы, практикалык адис акчаны мыйзамдаштырууга каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарга ылайык аныкталган же болжолдонгон шайкешсиздик жөнүндө тийиштүү органга билдирүүгө милдеттүү болгондо. Ушул жагдайларда практикалык адис тарабынан каралуучу маселелер татаал болушу мүмкүн жана практикалык адис юридикалык консультация алууну максатка ылайык деп эсептеши мүмкүн.

**Тапшырманы аткаруу**

*Адистин түшүнүк алуусу* (28-пунктун караңыз)

A48. Ишкананын иши жана анын операциялары, анын ичинен ишкананын эсеп системасы жана бухгалтердик эсеп маалыматтары жөнүндө түшүнүк алуу компиляция боюнча тапшырманы аткаруунун бардык мөөнөтүнүн ичинде, акырындап түзүлөт. Алынган түшүнүк критерийлерди белгилейт, алардын негизинде практикалык адис финансылык маалыматты компиляциялоонун жүрүшүндө кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонот.

A49. Практикалык адистин ишкананын бизнеси жана анын операциялары жөнүндө түшүнүк алуусу бардык учурда ишкананын жетекчилигинин түшүнүгүнө караганда аз болуп саналат. Мындай түшүнүк тапшырманын шарттарына ылайык практикалык адистин финансылык маалыматты компиляциялоосу үчүн жетиштүү көлөмдө түзүлөт.

A50. Практикалык адис ишкананын бизнеси жана анын операциялары, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы жөнүндө өзүнүн түшүнүгүн түзүү үчүн изилдеши мүмкүн маселелердин мисалдары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- ишкананын түзүмүнүн жана анын операцияларынын көлөмү жана татаалдыгы;
- финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясынын татаалдык деңгээли;
- ишкананын финансылык отчеттуулугуна карата милдеттенмелер же талаптар, алар колдонулуучу мыйзамдар же ченемдик актылар, келишимдин жоболору же үчүнчү жак менен болгон башка макулдашуу же финансылык отчеттуулук боюнча ыктыярдуу макулдашуулар менен каралгандыгына карабастан;
- ишкананын финансылык отчеттуулугун даярдоодо колдонулуучу бухгалтердик эсеп маалыматтарын жана финансылык отчеттуулук системаларын башкаруу жана көзөмөлдөө бөлүгүндө ишкананын жетекчилигинин түзүмүнүн жана корпоративдик башкаруусунун өнүгүшү;
- ишкананын финансылык отчеттуулугунун, анын отчеттуулук системасынын жана тийиштүү контролдоо каражаттарынын өнүгүү жана татаалдык деңгээли;
- ишкананын активдеринин, милдеттенмелеринин, кирешелеринин жана чыгымдарынын мүнөзү.

*Финансылык маалыматты компиляциялоо*

Маанилүү ой жүгүртүүлөр (30-пунктун караңыз)

A51. Компиляция боюнча айрым тапшырмалардын жүрүшүндө практикалык адис жетекчиликке маанилүү ой жүгүртүүлөрдү кабыл алууга көмөк көрсөтпөйт. Башка тапшырмалардын алкагында практикалык адис ушундай көмөк көрсөтүшү мүмкүн, мисалы, зарыл баалоо белгилерине карата же жетекчиликке эсеп саясатынын тийиштүү жоболорун кароого жардам берүү. Эгер мындай көмөк көрсөтүлсө, анда жетекчилик жана, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар финансылык маалыматта чагылдырылган маанилүү ой жүгүртүүлөрдүн маңызын түшүнүүсү жана ушундай ой жүгүртүүлөр үчүн өздөрүнө жоопкерчилик алуусу үчүн талкуулоо жүргүзүү зарыл.

Финансылык маалыматты иликтөө (31-пунктун караңыз)

A52. Практикалык адистин финансылык маалыматты иликтөөсү ага компиляция боюнча тапшырмага тиешеси бар өзүнүн этикалык милдеттенмелерин аткарууга мүмкүндүк берет.

Финансылык маалыматка өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштар

Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына шилтеме же сыпаттоо (34(a)-пунктун караңыз)

A53. Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынын белгилүү бир жагдайларында андан бир кыйла жылышуу менен финансылык отчеттуулукту даярдоонун белгиленген концепциясы болушу мүмкүн. Эгер компиляцияланган финансылык маалыматтын курамында финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын сыпаттоо андан бир кыйла жылышуу менен белгиленген концепцияга шилтемени камтыса, анда практикалык адиске тапшырма аткарылуучу жагдайларда белгиленген концепцияга ушул шилтеме адаштырбайбы, маселени чечүү талап кылынышы мүмкүн.

Олуттуу бурмалоолорго жана адаштыруучу маалыматка жол бербөө үчүн өзгөрүүлөр (34(b)–(c)-пунктун караңыз)

A54. Практикалык адистин маанилүүлүккө болгон мамилеси финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы менен аныкталат. Финансылык отчеттуулукту даярдоонун бир катар концепциялары финансылык маалыматты даярдоо жана берүү контекстинде маанилүүлүк принцибин карайт. Түрдүү концепцияларда каралган мамиле айырмаланышы мүмкүн болсо дагы, адатта аларда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- бурмалоолор, анын ичинен камтылбай калуулар олуттуу болуп саналат, эгер алар өз-өзүнчө же биргеликте, муну негиздүү деп болжолдоого болгондой, финансылык маалыматтын негизинде пайдалануучулар тарабынан кабыл алынган экономикалык чечимдерге таасир тийгизсе;
- маанилүүлүк боюнча ой жүгүртүүлөр конкреттүү жагдайларды эске алуу менен кабыл алынат жана бурмалоолордун көлөмүнө же мүнөзүнө же болбосо экөөнө тең көз каранды; жана
- финансылык маалыматтын пайдалануучулары үчүн тигил же бул маселелердин маанилүүлүгү боюнча ой жүгүртүүлөр топ катарында ушул пайдалануучулардын жалпы маалыматтык керектөөлөрүнө карата кабыл алынат. Керектөөлөрү бир кыйла өзгөрүшү мүмкүн айрым пайдалануучуларга бурмалоолордун тийгизиши мүмкүн таасири эске алынбайт.

A55. Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясында ушундай аспекттерди эскертүү практикалык адистин компиляция боюнча тапшырманы аткаруунун максатында маанилүүлүк жөнүндө түшүнүк алуусу үчүн критерийлерди белгилейт. Мындай эскертүү болбогондо практикалык адис жогоруда көрсөтүлгөн принциптерди негиз катарында колдонушу мүмкүн.

A56. Практикалык адистин маанилүүлүк жөнүндө түшүнүгүнө анын финансылык маалыматты пайдалануучулардын керектөөлөрүн түшүнүүсү таасир тийгизет. Ушуга байланыштуу практикалык адиске туура болот, эгер пайдалануучулар:

- бизнес, экономикалык иш жана бухгалтердик эсеп жаатында жетиштүү билимге ээ болсо, ошондой эле акылга сыярлык кылдаттык менен финансылык маалыматты иликтөөнү каалашса;
- финансылык маалыматты даярдоо жана берүү маанилүүлүк деңгээлин эске алуу менен жүргүзүлөөрүн түшүнүшсө;
- баалануучу маанилерге жана ой жүгүртүүлөргө негизделген, ошондой эле келечектеги окуяларды эске алуу менен айрым көрсөткүчтөрдү баалоого байланышкан айкын эместикти таанышса; жана
- финансылык отчеттуулукта камтылган маалыматтын негизинде туура экономикалык чечимдерди кабыл алышса.

A57. Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы финансылык маалыматты даярдоо ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө болжолду эске алуу менен жүргүзүлөөрү

тууралуу болжолду камтышы мүмкүн. Эгер практикалык адиске ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмүнүн айкын эместиги тууралуу белгилүү болсо, анда ал тийиштүү учурларда финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык берүүнүн ылайыктуу тартибин же ушундай концепциянын жоболорун сактоо жана адаштыруучу финансылык маалыматка жол бербөө үчүн ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмү тууралуу маалыматты ылайыктуу ачып көрсөтүүнү сунушташы мүмкүн.

Практикалык адистин тапшырмадан баш тартуусунун шарттары (33, 35-пункттарын караңыз)

A58. Ушул ККЭСтин талаптарына ылайык жагдайларда тапшырмадан баш тартуу зарыл болсо, ушундай баш тартуунун себептери жөнүндө жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга маалымдоо боюнча жоопкерчилик практикалык адистин этикалык талаптар боюнча түшүндүрмө берүү мүмкүндүгүн билдирет.

**Документация** (38-пунктун караңыз)

A59. Ушул ККЭСте каралуучу документация бир нече максатка жетишүүгө багытталган, анын ичинен төмөнкүлөр:

- финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча келечектеги тапшырмаларга тиешелүү маселелерди чагылдыруу;
- тийиштүү учурларда, аткарылган иш боюнча, анын ичинен тапшырманы аяктоо фактысын документтештирүү боюнча аудитордук топтун отчеттуулугун камсыздоо.

A60. Андан тышкары практикалык адис тапшырма боюнча документацияга ишкананын жүгүртүү-сальдолук ведомостунун нускасын, бухгалтердик эсептин маанилүү маалыматтарын кыскача сыпаттоону же ал компиляция боюнча тапшырманы аткарууда колдонгон башка маалыматты киргизүү жөнүндө маселени карашы мүмкүн.

A61. Компиляцияланган финансылык маалыматты бухгалтердик эсептин баштапкы маалыматтары, документтер, түшүндүрмөлөр жана компиляция боюнча тапшырманы аткаруу максатында жетекчилик тарабынан берилген башка маалымат менен салыштырууну чагылдырууда практикалык адис, мисалы, башкы китептин эсебиндеги калдыктар менен компиляцияланган финансылык маалыматтын ортосундагы катышты көрсөткөн план-графикти жүргүзүшү мүмкүн, анын ичинен оңдоочу эсептик жазуулар же практикалык адис тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө жетекчилик менен макулдашкан финансылык маалымат боюнча башка өзгөрүүлөр.

**Практикалык адистин отчету** (40-пунктун караңыз)

A62. Жазуу жүзүндөгү отчет кагаз түрүндө даярдалган отчетторду, ошондой эле электрондук булактагы отчетторду камтыйт.

A63. Эгер практикалык адиске компиляцияланган финансылык маалымат жана отчет башка маалыматты дагы камтыган документке, мисалы финансылык отчетко киргизилээри белгилүү болсо, практикалык адис, эгер документти берүү формасы мүмкүндүк берсе, финансылык маалымат берилген барактардын номерин көрсөтүү маселесин карашы мүмкүн. Бул пайдалануучуларга практикалык адистин отчету кайсы финансылык маалыматка кирээрин түшүнүүгө жардам берет.

*Отчеттун даректелүүчүлөрү* (40(b)-пунктун караңыз)

A64. Мыйзам же ченемдик акт тигил же бул юрисдикцияда практикалык адистин отчету кимге даректелүүгө тийиштигин белгилеши мүмкүн. Эрежедегидей, практикалык адистин отчету тапшырманы аткаруу шарттарынын негизинде практикалык адисти тарткан тарапка даректелет. Адатта тарап катарында ишкананын жетекчилиги чыгат.

*Атайын багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясын колдонуу менен даярдалган финансылык маалымат* (40(j)-пунктун караңыз)

A65. Ушул ККЭСке ылайык, эгер финансылык маалымат атайын багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясын колдонуу менен даярдалса, анда практикалык адис өзүнүн отчетунда финансылык маалыматка карата колдонулган ушундай атайын багыттагы концепцияга

даректелүүчүлөрдүн көңүлүн бурушу керек, ошондой эле ушуга байланыштуу финансылык маалымат башка максаттар үчүн жараксыз болушу мүмкүндүгүн көрсөтүүгө тийиш. Ушул факт болжолдонгон пайдалануучулардын чөйрөсү тарабынан гана практикалык адистин отчетун колдонууну же жайылтууну (же болбосо экөөнү тең) чектеген жобо менен толукталышы мүмкүн.

A66. Белгилүү бир максат үчүн даярдалган финансылык маалымат ушул маалыматты аны даярдоо максатынан башка максатта колдонушу мүмкүн, болжолдонгон пайдалануучулардан башка тараптар тарабынан алынышы мүмкүн. Мисалы жөнгө салуучу органдар белгилүү бир ишканалардан атайын багыттагы концепциянын негизинде даярдалган финансылык отчеттуулукту берүүнү, ошондой эле ушундай отчеттуулукту жалпыга ачык жайгаштырууну талап кылышы мүмкүн. Болжолдонгон пайдалануучулардан башка тараптар үчүн финансылык отчеттуулуктун жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү фактысы ушундай финансылык отчеттуулук жалпы багыттагы финансылык отчеттуулук болуп калаарын билдирбейт. Практикалык адистин отчетуна киргизүү зарыл анын отчеттуулугу финансылык отчеттуулук атайын багыттагы концепцияга ылайык даярдалгандыгына жана ушуга байланыштуу башка максаттар үчүн жараксыз болушу мүмкүндүгүнө анын даректеринин көңүлүн буруугa тийиш.

Практикалык адистин отчетун жайылтууну жана колдонууну чектөө

A67. Практикалык адис анын отчету финансылык маалыматтын белгилүү бир болжолдонгон пайдалануучулары үчүн гана багытталгандыгын көрсөтүүнү максатка ылайык деп эсептеши мүмкүн. Конкреттүү юрисдикциянын мыйзамына же ченемдик актысына карата ушул максаттар үчүн болжолдонгон пайдалануучулардын чөйрөсү тарабынан гана практикалык адистин отчетун колдонууга же жайылтууга (же болбосо экөөнө тең) чектөө киргизилиши мүмкүн.

*Компиляция боюнча тапшырманы аяктоо жана практикалык адистин отчетуна күн коюу* (37, 38, 41-пункттарын караңыз)

A68. Компиляция боюнча тапшырманы аяктоодо практикалык адис жетекчилик же, эгер мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар тарабынан финансылык маалыматты жактыруу үчүн ишканада кабыл алынган жол-жоболорго көңүл буруугa тийиш. Финансылык маалыматтын мүнөзүнө жана максатына карата жетекчилик же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар сактоого тийиш болгон жактыруунун белгиленген жол-жоболору колдонулушу мүмкүн же финансылык маалыматты даярдоо жана акыркы макулдашуу же ишкананын финансылык отчеттуулугу боюнча ушундай жол-жоболор колдонулуучу мыйзамда же ченемдик актыда каралышы мүмкүн.

Отчеттордун мисалдары (40-пунктун караңыз)

A69. Ушул ККЭСтин 2-тиркемеси отчеттун милдеттүү элементтерин камтыган компиляция боюнча тапшырмалар жөнүндө практикалык адистин отчетторунун мисалдарын камтыйт.

**1-тиркеме**

(А44-пунктун караңыз)

## Компиляция боюнча тапшырманын шарттарын сүрөттөгөн тапшырма боюнча каттын мисалы

Ушул ККЭСте берилген тийиштүү талаптарды жана көрсөтмөлөрдү камтыган компиляция боюнча тапшырманын шарттарын сүрөттөгөн тапшырма боюнча каттын мисалы төмөндө берилди. Ушул тапшырма боюнча кат расмий кабыл алынган форма болуп саналбайт жана ушул ККЭСтин жоболоруна байланыштуу колдонмо катарында гана колдонулушу мүмкүн. Финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча конкреттүү тапшырманын талаптарын жана жагдайларын эске алуу менен ага өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. Ушул кат бир отчеттук мезгил үчүн финансылык отчеттуулукту компиляциялоо үчүн гана багытталган жана ушул ККЭСке ылайык компиляциялоо боюнча кайталанма тапшырмалар үчүн колдонууга болгондой тийиштүү түрдө адаптацияланууга тийиш. Ушул каттын же кандайдыр бир башка каттын канчалык ылайыктуулугун аныктоо үчүн юристтин кызматынан пайдалануу талап кылынышы мүмкүн.

Тапшырма боюнча кат төмөнкү жагдайлардын негизинде даярдалган:

- Финансылык отчеттуулук ишкананын жетекчилигинин (ABC компаниясы) колдонуусу үчүн гана компиляциялануугa тийиш, ал эми финансылык отчеттуулукту колдонуу жетекчилик тарабынан чектелген. Практикалык адистин отчетун колдонуу жана жайылтуу дагы жетекчилик тарабынан чектелген.
- Компиляцияланган финансылык отчеттуулук 20X1-жылдын 31-декабрына карата ишкананын балансын гана жана аталган күндө аяктаган жыл үчүн пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчетту эскертүүлөрсүз камтыйт. Финансылык отчеттуулук тийиштүү сыпаттоонун негизинде чегерүү ыкмасы боюнча даярдала тургандыгын жетекчилик белгиледи.

***

ABC компаниясынын жетекчилиги үчүн[9]:

*[Компиляция боюнча тапшырманын максаты жана көлөмү]*

Сиз төмөнкү кызматтарды көрсөтүүгө суроо-талап менен бизге кайрылдыңыз:

Сизден алынган маалыматтын негизинде биз сизге ABC компаниясы үчүн финансылык отчеттуулуктун төмөнкү формаларын даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтөбүз: баштапкы нарк ыкмасы боюнча 20X1-жылдын 31-декабрына карата ABC компаниясынын балансын жана аталган күндө аяктаган жыл үчүн пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчету, анда бардык акчалай операциялар, ошондой эле күмөн эсептер боюнча резервди алып салуу менен соода боюнча кредитордук жана дебитордук карыз, орточо нарк боюнча эсептелген запастар, отчеттуулук күнүнө карата төлөнүүгө тийиш күндөлүк пайда салыгы, ошондой эле линиялык метод менен пайдалуу колдонуунун эсептик мөөнөттөрүнүн ичинде амортизацияланган баштапкы нарк боюнча маанилүү узак мөөнөттүү активдерди капиталдаштыруу чагылдырылат. Ушул финансылык отчеттуулук, тапшырма боюнча катта көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибин түшүндүргөн эскертүүлөрдөн тышкары, эскертүүлөрдү камтыбайт.

Финансылык отчеттуулукту колдонуунун максаты 20X1-жылдын 31-декабрына карата ишкананын финансылык абалын жана аталган күндө аяктаган жыл үчүн анын финансылык жыйынтыктарын чагылдырган финансылык маалыматты бүтүндөй жыл үчүн берүүдө турат. Финансылык отчеттуулук сиз үчүн гана арналган жана башка адамдарга берилбейт.

Биздин жоопкерчилик

Компиляция боюнча тапшырманы аткаруу сизге финансылык маалыматты даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүү үчүн бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жаатындагы кесиптик тажрыйбаны

---

9 Тапшырма боюнча каттын ушул мисалында «сиз», «биз», “бизди”, «жетекчилик», «корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар» жана «практикалык адис» деген сөздөр колдонулат же жагдайларга ылайык өзгөртүлөт.

колдонууну болжолдойт. Компиляция боюнча тапшырма ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыктан, биз компиляция боюнча тапшырманы аткаруу үчүн сиз берген маалыматтын тактыгын же бүтүндүгүн ырастоого же болбосо аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча аудитордук пикирди же тыянакты билдирүү үчүн башка жол менен далилдерди топтоого милдеттүү эмеспиз. Натыйжада биз, жогоруда сыпатталгандай, финансылык отчеттуулук сиз көрсөткөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибине ылайык даярдалгандыгына/даярдалбагандыгына карата аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча пикирди же тыянакты билдирбейбиз.

Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты 4410 (кайра каралган) “Компиляция боюнча тапшырмага” ылайык биз финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткарабыз. Бул стандарт ушул тапшырманы аткарууда биздин тиешелүү этикалык талаптарды, анын ичинен ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана тийиштүү кылдаттык принциптерин сакташыбызды карайт. Бул үчүн биз Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексинде* (БЭЭСК Кодексинде) баяндалган талаптарды аткарууга тийишпиз.

Сиздин жоопкерчилик

Компиляция боюнча тапшырма финансылык отчеттуулук боюнча сиз кабыл алган финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясына ылайык биздин милдетибиз сизге финансылык отчеттуулукту даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүдө тураарын сиздин түшүнгөнүңүзгө жана ырастаганыңызга карата аткарылат. Натыйжада Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты 4410го (кайра каралган) ылайык биз финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткаруубуз үчүн негиз салуучу болуп саналган жоопкерчиликти сиз тартасыз:

(a) финансылык отчеттуулукту болжолдуу колдонууну жана болжолдонгон пайдалануучуларды эске алуу менен алгылыктуу болуп саналган финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясына ылайык финансылык отчеттуулук, аны даярдоо жана берүү үчүн жоопкерчилик;

(b) бухгалтердик эсептин маалыматтарынын, документтердин, түшүндүрмөлөрдүн жана финансылык отчеттуулукту компиляциялоо максаттары үчүн сиз бизге берген башка маалыматтын тактыгын жана бүтүндүгүн камсыздоо үчүн жоопкерчилик;

(c) финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү үчүн зарыл ой жүгүртүүлөр үчүн жоопкерчилик, анын ичинен компиляция боюнча тапшырманы аткарууда биз көмөк көрсөтө алгандарга карата.

Финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча биздин отчет

Тапшырманы аткаруунун алкагында биз сиз үчүн отчет даярдайбыз, ага биз компиляциялаган финансылык отчеттуулук тиркелет жана компиляция боюнча ушул тапшырмага карата биз аткарган финансылык отчеттуулукту жана иштерди сыпаттоону камтыйт [тиркемени караңыз]. Ошондой эле отчетто финансылык отчеттуулукту колдонуу тапшырма боюнча ушул катта көрсөтүлгөн максатта чектелээри жана финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө берилген биздин отчетту колдонуу жана жайылтуу АВС компаниясынын жетекчилиги катарында сиз тарабынан чектелээри белгиленет.

Ушул каттын биз тиркеген нускасына анда баяндалган, ушул документте көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырманы аткаруу шарттары, анын ичинен аны менен байланышкан биздин милдеттер менен макул экендигиңизди билдирүү катарында кол коюңуз жана кайтарып бериңиз.

[*Башка жөндүү маалымат*]

[*Эгер мүмкүн болсо, башка зарыл маалыматты, анын ичинен кызмат көрсөтүүнүн наркы, төлөө тартиби жана башка атайын шарттар жөнүндө маалыматты көрсөтүңүз*.]

XYZ & Co.

ABC компаниясынын жетекчилигинин атынан ырасталды жана макулдашылды

(колу)

.....................

Фамилиясы, аты, атасынын аты жана кызматы

Күнү

**2-тиркеме**

(А69-пунктун караңыз)

## Компиляция боюнча тапшырмалар жөнүндө практикалык адистердин отчетторунун мисалдары

**Жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма**

- 1-мисал: Жалпы багыттагы концепцияны колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.

**Белгилүү бир максат үчүн даярдалган финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма**

- 2-мисал: Жалпы багыттагы модификацияланган концепцияны колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.

**Финансылык маалыматты колдонуу же жайылтуу болжолдонгон пайдалануучулар тарабынан чектелгенде, белгилүү бир максат үчүн даярдалган финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма**

- 3-мисал: Келишимде көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибин колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.
- 4-мисал: Жетекчиликтин өздүк максаттары үчүн зарыл финансылык маалыматка карата ишкананын жетекчилиги тарабынан көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибин колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.
- 5-мисал: [Ченемдик талаптарды сактоо максаты үчүн зарыл маалыматка тийиштүү шилтеме берүү] беренелердин элементи, тобу же беренелер болуп саналган финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.

**1-мисал: Жалпы багыттагы концепцияны колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.**

- **Колдонулуучу мыйзамда каралган жалпы багыттагы финансылык отчеттуулук, анда ишкананын финансылык отчеттуулугу Чакан жана орто ишканалар үчүн финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын (ЧОИ үчүн ФОЭС) колдонуу менен даярдалууга тийиштиги көрсөтүлгөн.**

КОМПИЛЯЦИЯ БОЮНЧА ТАПШЫРМА ЖӨНҮНДӨ ПРАКТИКАЛЫК АДИСТИН ОТЧЕТУ

[АВС компаниясынын жетекчилиги үчүн]

Биз сиз берген маалыматтын негизинде АВС компаниясынын тиркелген финансылык отчеттуулугун компиляциялоону жүргүздүк. Ушул финансылык отчеттуулук 20X1-жылдын 31-декабрына карата АВС компаниясынын финансылык абалы жөнүндө отчеттон жана жыйынды киреше жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдын өзгөрүүлөрү жана көрсөтүлгөн күндө аяктаган жыл үчүн акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттордон, ошондой эле эсеп саясатынын негизги жоболорунун кыскача баяндамасынан жана башка түшүндүрмө маалыматтан турат.

Биз Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты 4410 (кайра каралган) "*Компиляция боюнча тапшырмага"* ылайык финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткардык.

Биз Чакан жана орто ишканалар үчүн финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ЧОИ үчүн ФОЭС) ылайык сизге ушул финансылык отчеттуулукту даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүдө бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жаатындагы кесиптик тажрыйбаны колдондук. Биз тиешелүү этикалык талаптарды, анын ичинен ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана талаптагыдай кылдаттык принциптерин аткардык.

Ушул финансылык отчеттуулук, аны компиляциялоо үчүн колдонулган маалыматтын тактыгы жана бүтүндүгү сыяктуу, сиздин жоопкерчилик чөйрөсүнө кирет.

Компиляция боюнча тапшырма ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыктан, биз ушул финансылык отчеттуулукту компиляциялоо максаттары үчүн сиз бизге берген маалыматтын тактыгын же бүтүндүгүн ырастоого милдеттүү эмеспиз. Натыйжада, биз финансылык отчеттуулук ЧОИ үчүн ФОЭСке ылайык даярдалгандыгына/даярдалбагандыгына карата аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча пикирди же тыянакты билдирбейбиз.

[Практикалык адистин колу]

[Практикалык адистин отчетунун күнү]

[Практикалык адистин дареги]

**2-мисал: Жалпы багыттагы модификацияланган концепцияны колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.**

- **Жетекчилик тарабынан модификацияланган түрдө кабыл алынган жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясын колдонуу менен даярдалган финансылык отчеттуулук.**
- **Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы болуп Чакан жана орто ишканалар үчүн финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ЧОИ үчүн ФОЭС) саналат, баштапкы наркы боюнча эсептелбестен, кайра баалоого дуушар болгон менчиктен тышкары.**
- **Финансылык отчеттуулукту колдонуу же жайылтуу чектелген эмес.**

КОМПИЛЯЦИЯ БОЮНЧА ТАПШЫРМА ЖӨНҮНДӨ ПРАКТИКАЛЫК АДИСТИН ОТЧЕТУ

[АВС компаниясынын жетекчилиги үчүн]

Биз сиз берген маалыматтын негизинде АВС компаниясынын тиркелген финансылык отчеттуулугун компиляциялоону жүргүздүк. Ушул финансылык отчеттуулук 20Х1-жылдын 31-декабрына карата АВС компаниясынын финансылык абалы жөнүндө отчеттон жана жыйынды киреше жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдын өзгөрүүлөрү жана көрсөтүлгөн күндө аяктаган жыл үчүн акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттордон, ошондой эле эсеп саясатынын негизги жоболорунун кыскача баяндамасынан жана башка түшүндүрмө маалыматтан турат.

Биз Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты 4410 (кайра каралган) "*Компиляция боюнча тапшырмага*" ылайык финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткардык.

Биз финансылык отчеттуулуктун Х эскертүүсүндө баяндалган финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибине ылайык сизге ушул финансылык отчеттуулукту даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүдө бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жаатындагы кесиптик тажрыйбаны колдондук. Биз тиешелүү этикалык талаптарды, анын ичинен ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана талаптагыдай кылдаттык принциптерин аткардык.

Ушул финансылык отчеттуулук, аны компиляциялоо үчүн колдонулган маалыматтын тактыгы жана бүтүндүгү сыяктуу, сиздин жоопкерчилик чөйрөсүнө кирет.

Компиляция боюнча тапшырма ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыктан, биз ушул финансылык отчеттуулукту компиляциялоо максаттары үчүн сиз бизге берген маалыматтын тактыгын же бүтүндүгүн ырастоого милдеттүү эмеспиз. Натыйжада, биз финансылык отчеттуулук Х эскертүүсүндө баяндалган финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибине ылайык даярдалгандыгына/даярдалбагандыгына карата аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча пикирди же тыянакты билдирбейбиз.

Х эскертүүсүндө көрсөтүлгөндөй, финансылык отчеттуулук Чакан жана орто ишканалар үчүн финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ЧОИ үчүн ФОЭС) ылайык даярдалды жана берилди, өзүнүн баштапкы наркы боюнча эсептелбестен, финансылык отчеттуулукта кайра баалоого дуушар болгон менчиктен тышкары. Финансылык отчеттуулук финансылык отчеттуулуктун Ү эскертүүсүндө баяндалган максаттар үчүн даярдалды. Натыйжада ушул финансылык отчеттуулукту кандайдыр бир башка максаттарда колдонууга болбойт.

[Практикалык адистин колу]

[Практикалык адистин отчетунун күнү]

[Практикалык адистин дареги]

**3-мисал: Келишимде көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибин колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.**

- **Келишимдин шарттарын аткаруу максатында финансылык отчеттуулукту даярдоону караган келишимдин жоболоруна ылайык даярдалган финансылык отчеттуулук.**
- **Практикалык адисти ишкананын жетекчилигинен же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан башка тарап тартат.**
- **Финансылык отчеттуулук келишимде көрсөтүлгөн тараптардын гана колдонуусу үчүн багытталган.**
- **Келишимде көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибин колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету**.

КОМПИЛЯЦИЯ БОЮНЧА ТАПШЫРМА ЖӨНҮНДӨ ПРАКТИКАЛЫК АДИСТИН ОТЧЕТУ

[Тапшырманын буюртмачысы үчүн[10]]

Биз ишкананын жетекчилиги (мындан ары – жетекчилик) тарабынан берилген маалыматтын негизинде АВС компаниясынын (мындан ары – компания) тиркелген финансылык отчеттуулугун компиляциялоону жүргүздүк. Ушул финансылык отчеттуулук [*келишимде көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принциби боюнча даярдалган финансылык отчеттуулуктун бардык элементтерин санап өтүңүз жана ал тешелүү мезгилди/күндү көрсөтүңүз*] турат.

Биз Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты 4410 (кайра каралган) “*Компиляция боюнча тапшырмага*” ылайык финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткардык.

Биз финансылык отчеттуулуктун Х эскертүүсүндө баяндалган финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибине ылайык жетекчиликке ушул финансылык отчеттуулукту даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүдө бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жаатындагы кесиптик тажрыйбаны колдондук. Биз тиешелүү этикалык талаптарды, анын ичинен ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана тийиштүү кылдаттык принциптерин аткардык.

Ушул финансылык отчеттуулук, аны компиляциялоо үчүн колдонулган маалыматтын тактыгы жана толуктугу жетекчиликтин жоопкерчилик чөйрөсүнө кирет.

Компиляция боюнча тапшырма ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыктан, биз ушул финансылык отчеттуулукту компиляциялоо максаттары үчүн бизге жетекчилик тарабынан берилген маалыматтын тактыгын же толуктугун ырастоого милдеттүү эмеспиз. Натыйжада биз финансылык отчеттуулук Х эскертүүсүндө баяндалган финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибине ылайык даярдалгандыгына/даярдалбагандыгына карата аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча пикирди же тыянакты билдирбейбиз.

Х эскертүүсүндө көрсөтүлгөндөй, финансылык отчеттуулук финансылык отчеттуулуктун Y эскертүүсүндө баяндалган максаттар үчүн ишкананын XYZ менен болгон келишиминин [*тийиштүү келишимдин/макулдашуунун күнүн көрсөтүңүз*] Z пунктунда баяндалган принцип боюнча даярдалды жана берилди. Натыйжада ушул финансылык отчеттуулук келишимде көрсөтүлгөн тараптардын колдонуусу үчүн гана багытталган жана башка максаттар үчүн туура келбеши мүмкүн.

Компиляция боюнча тапшырма жөнүндөгү биздин отчет келишимде көрсөтүлгөн тараптар үчүн гана багытталган жана башка адамдарга берилбейт.

---

10 Альтернатива катарында – тийиштүү келишимде көрсөтүлгөн тийиштүү даректелүүчү үчүн.

[Практикалык адистин колу]

[Практикалык адистин отчетунун күнү]

[Практикалык адистин дареги]

**4-мисал: Жетекчиликтин өздүк максаттары үчүн зарыл финансылык маалыматка карата ишкананын жетекчилиги тарабынан көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибин колдонуу менен финансылык отчеттуулукту компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.**

- **Жетекчиликтин өздүк максаттары үчүн ишкананын жетекчилиги тарабынан гана колдонууга багытталган, атайын багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясын колдонуу менен даярдалган финансылык отчеттуулук.**
- **Финансылык отчеттуулук белгилүү бир чегерүүлөрдү камтыйт жана баланс, пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчет жана финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу принцибине тиешелүү жалгыз эскертүү менен берилген.**
- **Финансылык отчеттуулук жетекчиликтин гана колдонуусу үчүн багытталган.**
- **Практикалык адистин отчетун колдонуу же жайылтуу жетекчилик тарабынан чектелген.**

КОМПИЛЯЦИЯ БОЮНЧА ТАПШЫРМА ЖӨНҮНДӨ ПРАКТИКАЛЫК АДИСТИН ОТЧЕТУ

[АВС компаниясынын жетекчилиги үчүн]

Биз сиз берген маалыматтын негизинде АВС компаниясынын тиркелген финансылык отчеттуулугун компиляциялоону жүргүздүк. Ушул финансылык отчеттуулук 20X1-жылдын 31-декабрына карата АВС компаниясынын балансын жана ушул күндө аяктаган жыл үчүн пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчетту камтыйт.

Биз Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты 4410 (кайра каралган *"Компиляция боюнча тапшырмага"* ылайык финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткардык.

Биз финансылык отчеттуулуктун X эскертүүсүндө баяндалган финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибине ылайык сизге ушул финансылык отчеттуулукту даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүдө бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жаатындагы кесиптик тажрыйбаны колдондук. Биз тиешелүү этикалык талаптарды, анын ичинен ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана тийиштүү кылдаттык принциптерин аткардык.

Ушул финансылык отчеттуулук, аны компиляциялоо үчүн колдонулган маалыматтын тактыгы жана толуктугу жетекчиликтин жоопкерчилик чөйрөсүнө кирет.

Компиляция боюнча тапшырма ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыктан, биз ушул финансылык отчеттуулукту компиляциялоо максаттары үчүн сиз бизге берген маалыматтын тактыгын же толуктугун ырастоого милдеттүү эмеспиз. Натыйжада биз финансылык отчеттуулук X эскертүүсүндө баяндалган финансылык отчеттуулукту даярдоо принцибине ылайык даярдалгандыгына/даярдалбагандыгына карата аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча ой-пикирди же тыянакты билдирбейбиз.

X эскертүүсү ушул финансылык отчеттуулук даярдалган принципти көрсөтөт, ошол эле учурда ушул отчеттуулуктун максаты Y эскертүүсүндө көрсөтүлгөн. Натыйжада ушул финансылык отчеттуулук сиздин колдонууңуз үчүн гана багытталган жана башка максаттар үчүн туура келбеши мүмкүн.

Компиляция боюнча тапшырма жөнүндөгү биздин отчет АВС компаниясынын жетекчилигинин өкүлү катарында сиз үчүн гана багытталган жана башка адамдарга берилбейт.

[Практикалык адистин колу]

[Практикалык адистин отчетунун күнү]

[Практикалык адистин дареги]

**5-мисал: [*Ченемдик талаптарды сактоо максаты үчүн зарыл маалыматка тийиштүү шилтемени коюу*] беренелердин элементи, тобу же беренелер болуп саналган финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырма жөнүндө практикалык адистин отчету.**

- **Белгилүү бир максат үчүн, мисалы финансылык маалыматтын формасы жана мазмуну бөлүгүндө жөнгө салуучу орган тарабынан иштелип чыккан жоболорго ылайык ушундай жөнгө салуучу орган тарабынан белгиленген финансылык отчеттуулукту даярдоо боюнча талаптарды аткаруу үчүн даярдалган финансылык отчеттуулук.**
- **Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы болуп шайкештик концепциясы саналат.**
- **Финансылык маалымат белгилүү бир пайдалануучулардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн багытталган жана аны колдонуу ушундай пайдалануучулар тарабынан чектелген.**
- **Практикалык адистин отчетун жайылтуу болжолдонгон пайдалануучулар тарабынан чектелген**.

КОМПИЛЯЦИЯ БОЮНЧА ТАПШЫРМА ЖӨНҮНДӨ ПРАКТИКАЛЫК АДИСТИН ОТЧЕТУ

[АВС компаниясынын жетекчилиги үчүн[11]]

Биз сиз берген маалыматтын негизинде 20Х1-жылдын 31-декабрына карата АВС компаниясынын тиркелген тизмегин [*компиляцияланган финансылык маалыматты көрсөтүңүз*] (мындан ары – тиркеме) компиляциялоону жүргүздүк.

Биз Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты (ККЭС) 4410 (кайра каралган) *"Компиляция боюнча тапшырмага*" ылайык финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырманы аткардык.

Биз [*тийиштүү укуктук актынын аталышын көрсөтүңүз же ага шилтеме бериңиз*] ылайык сизге тиркемени даярдоого жана берүүгө көмөк көрсөтүүдө бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жаатындагы кесиптик тажрыйбаны колдондук. Биз тиешелүү этикалык талаптарды, анын ичинен ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана талаптагыдай кылдаттык принциптерин аткардык.

Ушул тиркеме, ошондой аны компиляциялоо үчүн колдонулган маалыматтын тактыгы жана толуктугу жетекчиликтин жоопкерчилик чөйрөсүнө кирет.

Компиляция боюнча тапшырма ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болуп саналбагандыктан, биз ушул тиркемени компиляциялоо максаттары үчүн сиз бизге берген маалыматтын тактыгын же бүтүндүгүн ырастоого милдеттүү эмеспиз. Натыйжада, биз тиркеме [*тийиштүү укуктук актынын аталышын көрсөтүңүз же анда көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына шилтеме бериңиз*] ылайык даярдалгандыгына/даярдалбагандыгына карата аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча пикирди же тыянакты билдирбейбиз.

Х эскертүүсүндө көрсөтүлгөндөй, тиркеме АВС компаниясынын [*тийиштүү укуктук актынын аталышын көрсөтүңүз же ага шилтеме бериңиз*] талаптарды сактоо максаты үчүн [тийиштүү укуктук актынын аталышын көрсөтүңүз же анда көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына шилтеме бериңиз] көрсөтүлгөн принцип боюнча даярдалды жана берилди. Натыйжада тиркеме ушул максат үчүн гана багытталган жана башка максаттар үчүн туура келбеши мүмкүн.

Компиляция боюнча тапшырма жөнүндө биздин отчет АВС компаниясынын жана F жөнгө салуучу органдын колдонуусу үчүн гана багытталган жана АВС компаниясынан жана F жөнгө салуучу органдан башка адамдарга берилбейт.

[Практикалык адистин колу]

---

11 Альтернатива катарында – финансылык отчеттуулукка карата колдонулуучу талаптарда көрсөтүлгөн тийиштүү даректелүүчү үчүн.

[Практикалык адистин отчетунун күнү]

[Практикалык адистин дареги]